Скырг
Т 86

Марипат Турабаева

# ЭНЕ ДЕМИ



об.
С кырг
Т86

Марипат Турабаева

# ЭНЕ ДЕМИ

Токтогул Сатылганов атындагы
Ош облустук китепкана
АБОНЕМЕНТ

Токтогул Сатылганов
атындагы
Ош облустук китепкана
ИНВ № 487782

Бишкек – 2024

УДК 821. 512.154–1
ББК 84 (5Кир)–5
Т 86

Турабаева, Марипат

Т 86 Эне деми. – Б.: «Кырсекон», 2024. – 126 б.

ISBN 978–9967–9528–5–0

Бул китепте: “Энеке, көргүм келип өзүңүздү, сагындым мээрим толо көзүңүздү. Энеке, сага кылган урмат-сыйым, актайбы бир тамчы ак сүтүңүздү” деп автор эне деминен кубат алган ырларын баарыңыздарга тартуулайт.

УДК 821. 512.154–1
ББК 84 (5Кир)–5

ISBN 978–9967–9528–5–0 © Турабаева М., 2024



## ЭНЕ ДЕМИ – ДЕМ БОЛСУН!

Лейлек жергесинин табиятынын кооздугу, атыр жыттуу арчалардын, жашыл тулаңдуу дөңсөөлөрдүн, миң түркүн дары чөптөрдүн, күнү-түнү шылдырап ыр кураган булактардын көрүнүшү, түрдүү күүгө салып сайраган ар кыл куштары көзгө сүйкүм көрүнөт. Кылымдар бою күркүрөп агып жаткан Козу-Баглан, Белес, Жаңгакты дарыяларынын агымынын таасириби, же жерибиздин кооздугубу, айтор элибизде сөзгө чебер таланттуу, акылман, дили таза адамдар көп кездешет. Ал тургай кайсы айылга барбагын дарылыгы күчтүү булактарга кез келесиң. Менин айтайын дегеним Лейлектин ар бир айылында көрүнүктүү, таланттуу адамдарды издебей табасың. Курбаналы Сабыров да Лейлектин Тогуз-Булак айылынан өсүп чыкпады беле. Учурда “Илегилек назымдары” тобунун мүчөлөрү да ар кайсы айылдан чыгышкандар.

Тогуз-Булак айылында Марипат Турабаева 30 жылдан бери мугалимдик кесипти аркалап келе жаткан жазмакер кыздарыбыздын бири. Өзү Ленин айылында туулуп өскөнү менен “Акыл оошот – ырыс жугушат” дегендей Тогуз-Булак айылына келин болуп келип, асыл жар, мээримдүү эне болуп, өз жашоосун чыгармачылык менен улантууда. Балким Марипатка Курбанаалы агайыбыздын күчтүү ырлары таасир эткенби, же табиятынан тубаса таланты бар чыгар, кыскасы баш оту менен ыр жазууга болгон аракети күч. Марипат

Турабаеванын ырларын окуганда, көбүнчө энеге арналган ырларын арбын кездештиресиң.

Жашоого күчтүү дем берген,
Сезимге толчу ырахат.
Тартуулап берген токочун,
Энеме айтам ыракмат.

Акын айым энеге болгон сүйүүсүн, ырларында өз энесинин чебердигин, мээримдүүлүгүн, күч-кубатын, кайраттуулугун чагылдыруу менен ачып бере алган. Өзүнүн энелик сезимин, балдарга болгон мээримин да жазган ырларынан даана байкоого болот. Ошон үчүн да китептин аталышы "ЭНЕ ДЕМИ" деген тема менен жарык көрүүдө. Ал гана эмес Марипаттын мекенибиздин сулуулугуна, көркөмүнө, табиятына сугу арткан ырлары да арбын.

Асман толгон ак булутту жактырып,
Көздөрүмө асман, жерди батырып.
Бийик тоолуу айылыма суктанам,
Жай айынын коөздугу мас кылып.

Мындай табияттын коөздугун сүрөттөгөн ырларын окуп, ошол айылды көз алдыңа элестетесиң. Дагы бир айта кетчү өзгөчөлүгү; өзү башталгыч класс мугалими болгон үчүнбү, же бала мүнөздүгүбү, балдарга арналган чыгармаларды да кездештирүүгө болот. Анын бул касиети жаш өспүрүмдөр менен иштөөсүнө абдан эле керектүү деп ойлойм. Сөзүмдүн акырында эмне демекмин... Марипат, энелик демиң,





кайратың эч качан түгөнбөсүн! Үйдө мээримдүү эне, мектепте насаатчы, чыгармачыл мугалим болуп, көөнөрбөс ийгиликти жарата бер! Эл ичинде кадыр-барктуу мыкты мугалим, сөзгө чебер акын бол! Окурмандарың арбын болсун!

**_Садыкова Айсулуу Саатовна_**
*Улуттук жазуучулар бирикмесинин мүчөсү.*
*"Илегилек назымдары" адабий бирикмесинин жетекчиси.*

## АРЫШТАЙ БЕР АЛГАЛАП!

Адам баласында жаратканда берилген тубаса талант бир мезгилде жерден чыккан булактай оргуштап чыгат тура. Бирок ошол талантты да кастарлап багып, өстүрсө, өнүктүрсө гана мөмө берген дарактай бышып жетилет. Оболу ыр жазганда ойдон кандай чыкса ошондой жазып, бара-бара такшала берет. Адам өзүнүн талантын бышыруу үчүн көп эмгектенип, көп изденүү керек эмеспи. Андыктан, улуу залкар акындарыбыздын ырларын көбүрөөк окуп, Бектур Исаковдун "Сабат ачуу" китебин да окуп, анын түпкүрүнө жеткен адамдан жакшы чыгармалар жаралары шек жок. Учурда ыр жазуунун техникасы, стили, түрлөрү барган сайын өнүгүүдө. Дасыккан акындар ыр жазуунун эрежелери боюнча көптөгөн маалыматтарды чыгарып жатканы баарыбыз үчүн жакшы болду. Улуу акындар арасында айтылып жүргөндөй "Ырды жаз да жаап кой. Анан күн өткөндөн кийин кайра-кайра окуп

Турабаеванын ырларын окуганда, көбүнчө энеге арналган ырларын арбын кездештиресиң.

Жашоого күчтүү дем берген,
Сезимге толчу ырахат.
Тартуулап берген токочун,
Энеме айтам ыракмат.

Акын айым энеге болгон сүйүүсүн, ырларында өз энесинин чебердигин, мээримдүүлүгүн, күч-кубатын, кайраттуулугун чагылдыруу менен ачып бере алган. Өзүнүн энелик сезимин, балдарга болгон мээримин да жазган ырларынан даана байкоого болот. Ошон үчүн да китептин аталышы "ЭНЕ ДЕМИ" деген тема менен жарык көрүүдө. Ал гана эмес Марипаттын мекенибиздин сулуулугуна, көркөмүнө, табиятына сугу арткан ырлары да арбын.

Асман толгон ак булутту жактырып,
Көздөрүмө асман, жерди батырып.
Бийик тоолуу айылыма суктанам,
Жай айынын кооздугу мас кылып.

Мындай табияттын кооздугун сүрөттөгөн ырларын окуп, ошол айылды көз алдыңа элестетесиң. Дагы бир айта кетчү өзгөчөлүгү; өзү башталгыч класс мугалими болгон үчүнбү, же бала мүнөздүгүбү, балдарга арналган чыгармаларды да кездештирүүгө болот. Анын бул касиети жаш өспүрүмдөр менен иштөөсүнө абдан эле керектүү деп ойлойм. Сөзүмдүн акырында эмне демекмин... Марипат, энелик демиң,





кайратың эч качан түгөнбөсүн! Үйдө мээримдүү эне, мектепте насаатчы, чыгармачыл мугалим болуп, көөнөрбөс ийгиликти жарата бер! Эл ичинде кадыр-барктуу мыкты мугалим, сөзгө чебер акын бол! Окурмандарың арбын болсун!

**Садыкова Айсулуу Саатовна**
*Улуттук жазуучулар бирикмесинин мүчөсү.*
*"Илегилек назымдары" адабий бирикмесинин жетекчиси.*

## АРЫШТАЙ БЕР АЛГАЛАП!

Адам баласында жаратkандан берилген тубаса талант бир мезгилде жерден чыккан булактай оргуштап чыгат тура. Бирок ошол талантты да кастарлап багып, өстүрсө, өнүктүрсө гана мөмө берген дарактай бышып жетилет. Ободу ыр жазганда ойдон кандай чыкса ошондой жазып, бара-бара такшала берет. Адам өзүнүн талантын бышыруу үчүн көп эмгектенип, көп изденүү керек эмеспи. Андыктан, улуу залкар акындарыбыздын ырларын көбүрөөк окуп, Бектур Исаковдун "Сабат ачуу" китебин да окуп, анын түпкүрүнө жеткен адамдан жакшы чыгармалар жараларына шек жок. Учурда ыр жазуунун техникасы, стили, түрлөрү барган сайын өнүгүүдө. Дасыккан акындар ыр жазуунун эрежелери боюнча көптөгөн маалыматтарды чыгарып жатканы баарыбыз үчүн жакшы болду. Улуу акындар арасында айтылып жүргөндөй "Ырды жаз да жаап кой. Анан күн өткөндөн кийин кайра-кайра окуп

чык. Балким башка ойлор, башка сулуу саптар келер оюңа. Ырыңды кайра оңдо. Ошентип отуруп, ойдогудай ыр жаралар" – дегендей, ыр жазуу ошондой жумушту талап кылат экен.

Эми мен сөз кыла турган ыр жандуу кызыбыз Марипат Турабаева. Марипат бала кезинен ыр жазып, райондук газеталарга берип жүргөн экен. Кесиби башталгыч класстардын мугалими болгондуктанбы, айтор балдарга арналган чыгармалары көп кездешет. Бул жакшы жышаан. Анткени азыр балдарга карата жазган акындарыбыз сейрек кездешип калбадыбы. Негизи мугалимдер ар кандай тарбиялык сааттарды өтөт эмеспи. Мындай учурда изденгич мугалим Марипат үчүн керектүү ырларды издөөгө кажет деле эмес. Анын балдар үчүн жазган ырлары жетиштүү, же керек учурда жазып да ала алат. Мисалы:

Ары-бери жылышып,
Көктү мекен кылышат.
Төгүп өтүп жамгырын,
Калат жашын тыйышып.

Бул ыр булуттар жөнүндө болуп жаткандыктан, эмне үчүн сабакта колдонууга болбосун. Дагы бир ырында:

Айла кетип апакем,
"Кел, Аймама кел" - деди.
Тил албаган бул кызды,
"Берем, алып кет" - деди.

Бул ырында илгерки биздин апаларыбыздын кызын же баласын сооротууга





болгон далалатын сүрөттөй алган. Марипат балдар үчүн эле эмес, өзүнүн сүйүктүү апасына да көптөгөн ырларын арнаган.

Өмүрдөгү, жашоомдо бүтпөс дастан,
Кубанчымды, жыргалымды энем тапкан.
Калкалаган жамандыктан канатына,
Энекем ай, бул турмуштун сырын ачкан.

Марипат балдары үчүн жанын аябаган бүткүл энелердин мээримин ушул ыры аркылуу берүүгө аракет кылган. Марипаттын балдарына, мекенге, дегеле жаратылыштын коoздугуна суктанган ырларын кезиктирүүгө болот. Биз, Лейлектин "Илегилек назымдары" тобу, калем кармаган жазмакер кызыбызга албан ийгиликтерди каалап кетебиз! Изденүүдөн талбагын! Арыштай бер алгалап, Марипат!

***Канназарова Канышай Азиреткуловна***
*Бишкек. 2024-жыл. "Макмал креатив" адабий Чыгармачылык бирикмесинин мүчөсү.*

## АЛТЫНЫМ ЭНЕКЕМ АЙ!

**(Китебимдин аталышына карата ой толгоо)**

Эненин ыйыктыгын, эненин жашоодо бала үчүн ушунчалык кымбат жан экендигин биринчи жолу турмушка чыккандан кийин туйган болсом, экинчи жолу өзүм эне болгондо сезбедимби… Көрсө эне деген балдар деп жашап, балдар үчүн кара жанын карч урат тура. Мен жаңыдан турмушка чыгып, төркүнүмө барганда энем байкуш балбалактап сүйүнүп, бар тапканын астыма койчу эмес беле. Ал тургай кайра үйүмө кайтканда, “Кайын журтуңа уят болбо” деп сумкага тапкан ташыганын салып жөнөтчү. Алтыным энекем ай! Мына эми өзүм эне болуп, балдарым үчүн сага окшоп жүрөгүм эзилип отурбаймынбы. Үйдө бирөө жарымыбыз ооруп калсак, үстүбүзгө үйрүлө түшүп, түн уйкусун төрт бөлүп карабадың беле. Баарыбызды отургузуп алып, акыл насаат сөздөрүңдү дайым айтар элең. Анда эне баркын билбеген биз жаш болуп, кээ сөзүң кулагыбызга кирсе, кээ сөзүң кулак сырттан да кеткен күндөр болду го. Кээде тилиңди албай койсок зээниң кейип, капа болуп да калчусуң. Оюнга алаксып. Үйдүн жумуштарын кылбай койгон күндөрүбүз деле болгон чыгар. Мына азыр ошол күндөрдү, жаштыгымды ойлоп, энеке өзүңдү эстеген сайын каңырыгым түтөп кетет! Эне болуп, бала багып, балдарым ооруса жүрөгүм ооруп, уйкум качкан мезгилде, жаным энем, өзүңдү далай эстедим го! Балдарыма дуа кылып, батаамды берген сайын сенин берген батааңды эстейм. Мына азыр өзүм кызымды турмушка узатып, уул үйлөп, баарын сезип отурам.





Сенин түйшүгүңдү эми мен кайталап жаткандаймын. Оо энекем, сенин демиңдей дем кайда эми!

Урматтуу окурмандарым, энеге канча размат айтып, канча ыраазылык айтсак да, эненин ак сүтүн бүтүн бойдон актай албайт турбайбызбы! Энеме канчалаган ырларды жазсам да аздык кылар. Менин энеме кылган урматым, анын бир тамчы ак сүтүн актагандай эле болот го. Ошондуктан да ушул китебимди “ЭНЕ ДЕМИ” деген ат менен чыгарууну туура көрдүм. Баарыбыз “ЭНЕ” деген ыйык затты кастарлайлы, сыйлайлы, көзүнүн тирүүсүндө урмат көрсөтөлү!

## ЭНЕКЕМ

Энекем ай, көргүм келип өзүңүздү,
Сагындым оф, мээрим толо көзүңүздү.
Мениң үчүн жүргөн өңдүү сиз күймөнүп,
Күтө берем келип калчу жолуңузду.

Жан дүйнөмдү эзгилеген, арман ээлеп,
Сай сөөгүмдү сыздаткан көңүл дегдеп.
Үй жанында буруксуган роза гүлү,
Көңүлүмдү кейиткенсийт сизди эңсеп.

Мээрим толо жүрөгүнүз башкача элең,
Карыга да, жашка дагы жакын белең.
Мүнөзүңүз бир өзүңө куп жарашып,
Жан ачышат, баарына да жаккан элең.

## АПАМДЫН МЭЭРИМИНЕ ЖЫЛЫНАМЫН

Өмүрдөгү, жашоомдо бүтпөс дастан,
Кубанчымды, жыргалымды энем тапкан.
Калкалаган жамандыктан канатына,
Энекем ай, бал турмуштун сырын ачкан.

Нуру жанган мээримине жылынамын,
Күндөр өтөт, апамды ойлоп сагынамын.
Энекемсиз бул жашоо супсак болуп,
Муңканамын, миң азапка малынамын.

## МУГАЛИМ

Мугалим күн нурундай жаркылдаган,
Билимин окуучуга тартуулаган.
Дилинде бар билимин аянбастан,
Чынында бүт өмүрүн бизге арнаган.

Мугалим балдар үчүн тартынбаган,
Билимдүү өчпөс жылдыз жаркылдаган.
Сезимдин бүрдөп турган бүчүр гүлүн,
Гүлдөтүп, гүлгө айланткан асыл адам!





## НАН ЖАПКАНДА ЭНЕКЕМ

Сейдене жыты буркурайт,
Жыттасам нанын эненин.
Жеген бир сайын сураган,
Балалык күндө келемин!

Агарган дандыр ичине,
Энекем нанын жапканда.
Шашылып анда кетчүмүн.
Токочтун даамын татканга.

Жашоого күчтүү дем берген,
Сезимге толчу ырахат.
Тартуулап берген токочун,
Энеме айтам ыракмат.

## БАЛАЛЫК

Бала кезим көз алдыма тартылат,
Бала кыял сезимдерим талпынат.
Бала чагым эске түштү, неберем,
кеткен кезде чыбык атын чапкылап.

Шыңгыр үнү кулагыма угулат,
Сыйкырлана кыялдарым куюлат.
Куурчак жасап ойноп жатса неберем,
Балалыгым кайрылгандай туюлат.

## АПАМДЫН МЭЭРИМИНЕ ЖЫЛЫНАМЫН

Өмүрдөгү, жашоомдо бүтпөс дастан,
Кубанчымды, жыргалымды энем тапкан.
Калкалаган жамандыктан канатына,
Энекем ай, бал турмуштун сырын ачкан.

Нуру жанган мээримине жылынамын,
Күндөр өтөт, апамды ойлоп сагынамын.
Энекемсиз бул жашоо супсак болуп,
Муңканамын, миң азапка малынамын.

## МУГАЛИМ

Мугалим күн нуруңдай жаркылдаган,
Билимин окуучуга тартуулаган.
Дилинде бар билимин аянбастан,
Чынында бүт өмүрүн бизге арнаган.

Мугалим балдар үчүн тартынбаган,
Билимдүү өчпөс жылдыз жаркылдаган.
Сезимдин бүрдөп турган бүчүр гүлүн,
Гүлдөтүп, гүлгө айланткан асыл адам!





## НАН ЖАПКАНДА ЭНЕКЕМ

Сейдене жыты буркурайт,
Жыттасам нанын эненин.
Жеген бир сайын сураган,
Балалык күндө келемин!

Агарган дандыр ичине,
Энекем нанын жапканда.
Шашылып анда кетчүмүн.
Токочтун даамын татканга.

Жашоого күчтүү дем берген,
Сезимге толчу ырахат.
Тартуулап берген токочун,
Энеме айтам ыракмат.

## БАЛАЛЫК

Бала кезим көз алдыма тартылат,
Бала кыял сезимдерим талпынат.
Бала чагым эске түштү, неберем,
кеткен кезде чыбык атын чапкылап.

Шыңгыр үнү кулагыма угулат,
Сыйкырлана кыялдарым куюлат.
Куурчак жасап ойноп жатса неберем,
Балалыгым кайрылгандай туюлат.

## АПАМДЫН МЭЭРИМИНЕ ЖЫЛЫНАМЫН

Өмүрдөгү, жашоомдо бүтпөс дастан,
Кубанчымды, жыргалымды энем тапкан.
Калкалаган жамандыктан канатына,
Энекем ай, бал турмуштун сырын ачкан.

Нуру жанган мээримине жылынамын,
Күндөр өтөт, апамды ойлоп сагынамын.
Энекемсиз бул жашоо супсак болуп,
Муңканамын, миң азапка малынамын.

## МУГАЛИМ

Мугалим күн нурундай жаркылдаган,
Билимин окуучуга тартуулаган.
Дилинде бар билимин аянбастан,
Чынында бүт өмүрүн бизге арнаган.

Мугалим балдар үчүн тартынбаган,
Билимдүү өчпөс жылдыз жаркылдаган.
Сезимдин бүрдөп турган бүчүр гүлүн,
Гүлдөтүп, гүлгө айлантканасыл адам!





## НАН ЖАПКАНДА ЭНЕКЕМ

Сейдене жыты буркурайт,
Жыттасам нанын эненин.
Жеген бир сайын сураган,
Балалык күндө келемин!

Агарган дандыр ичине,
Энекем нанын жапканда.
Шашылып анда кетчүмүн.
Токочтун даамын татканга.

Жашоого кучтүү дем берген,
Сезимге толчу ырахат.
Тартуулап берген токочун,
Энеме айтам ыракмат.

## БАЛАЛЫК

Бала кезим көз алдыма тартылат,
Бала кыял сезимдерим талпынат.
Бала чагым эске түштү, неберем,
кеткен кезде чыбык атын чапкылап.

Шыңгыр үнү кулагыма угулат,
Сыйкырлана кыялдарым куюлат.
Куурчак жасап ойноп жатса неберем,
Балалыгым кайрылгандай туюлат.

## ТОГУЗ-БУЛАГЫМ

Кымбатым сулуу айылым Тогуз-Булак,
Ыйыктап баалап келем жашоом улап.
Суктанам сулуулугуң тартып мени.
Сага деп жаза берем ырлар курап.

Булактан агып чыккан суусу кымбат,
Шылдырап аккан үнүн угам тыңдап.
Дарактар жээгинде шуудурашып,
Келгин куш үнүн коштоп сайрап куунап.

Тамшанып суусун ичем булагыңдан,
Келгемин жапжаш бала курагымдан.
Тагдырым ушул жерге байланыптыр,
Көп күндөр өтүп турмуш сынагынан.





## АТАКЕМ МЕНИН КЫМБАТЫМ

Күлүп-жайнап жумшак эле мүнөзүң,
Көз алдымда баягындай жүрөсүң.
Орун-очок тапса экен деп балдарым,
Кээде мага акыл айтып күлөсүң.

Атакем ай, менин бийик асманым,
Өзүң жоктоо, жүрөктөгү арманым,
Кана эми азыр болсоң жанымда,
Урмат-сыйга бөлөр элем ардагым.

Эстей берем акыл айткан сөздөрүң,
Карегиме катылгандай көздөрүң.
“Таята”-деп эркелесе балдарым,
Эркелетип мээрим толгон кездериң.

“Эмгекти сүй, чындык менен жаша”- деп,
Үй-бүлөдө айтаар элең жакшы кеп.
Өзүң берген мыкты таалим-тарбияң,
Эстейм ата түгөнбөгөн белек деп.

## ТУУЛГАН ЖЕРИМ

Туулган жерим жүрөгүмдүн дабасы,
Айыл барбы, жүзүм жыттуу абасы?
Айыл таңын сагынамын ар качан,
Кызгалдагы кырда толгон карачы.

Түнү сонун жылдыз толгон чагында,
Нурга бөлөйт алма жыттуу багын да.
Көз тойбогон сулуулукка туш келип,
Жигит сүйгүң келет болсо жанында.

Булбул сайрайт үнү түргө кубулуп,
Булак түшөт, тоодон кулап чубуруп.
Магдыраймын айылыма барганда,
Туулган жерим бейиш өңдүү туюлуп.





## БАКЫТ КУШУ БИЗГЕ КОНОР

Кечигип калдың окшойт сапарыңда,
Элесиң калды менин катарымда.
Сагыныч жүрөгүмдө уюп калган,
Кайрылып келесиңби тагдырыма.

Жоготкум келбейт сенин элесиңди,
Бирге ашсам, бийик ашуу белесинди.
Жараткан белек кылар бизге жашоо,
Күтөмүн,"мен башкамын" - дебешинди.

Бул тагдыр жолугууга себеп болор,
Бакыттын бир күн бизге кушу конор.
Ким билет, бешенеге жазып койсо,
Жашоого биз үчүн да ырыс толор.

## ЧЫНДЫК ҮЧҮН

Базар, базар кан базарда баары бар,
Тирилик деп, нечен тагдыр уурдалган.
Оор жумушту көрүшсө да мейли, -деп,
Кардарына жетпегенге муңканган.

Базар, базар кан базарда баары бар,
Соодагерлер көздү кысып ымдаган.
Кыйгач өтүп кетсем эгер жанынан,
Тааныштарым олтурушат жылбаган.

Сезимдерде өкүт жашайт түнөрүп,
Соодалары болбой канча жаш төккөн.
Көздөр-көздөр тиктейт келип кеткенди,
Кардар күтүп жай, күз, кышы, жаз өткөн.

Оо адамзат, эмгек менен жан үрөп,
Чындык үчүн жашаган да кез келер.
Алдап алган, так жүрбөгөн адамга,
Бул аманат дүйнө экенин эскертер.





## ЖАҢЫ ЖЫЛ

Келди бүгүн жаңы жылым жаркырап,
Асыл максат-ой тилектер агылып.
Жадыраган жарык маанай баарысы,
Жаңы жылдын алас сөзү айтылып.

Жаңы үмүткө жаңы күндөр жаңырып,
Эгемендүү элимди кут даарысын.
Ак дасторкон ниет менен жайылып,
Шаң, күлкүлөр курчап турсун баарысын.

Ай-ааламга жаңырган шаң күлкүдөн,
Дүйнө элинин жүрөктөрү тазарсын!
Коогасы жок жашоо ары уланып,
Жалпыбызга аппак таңдар агарсын!

Токтогул Сатылганов атындагы
Ош облустук китепкана
АБОНЕМЕНТ

Токтогул Сатылганов
атындагы
Ош облустук китепкана
ИНВ № 487782

## СЫРДАШАЛЫ КЕЛ КЛАССТАШ

Өттү мезгил учкан куштай зымырап,
Жолугушуу бүгүн бизге, тез келген.
Сырдашалы кел классташ бир болуп,
Кандай жакшы балалыкты эскерген.

Алтын уя-асыл мектеп сыйкыры,
Кайда жүрсөк турат бизди чакырып.
Акын кызың болгон анда окуучуң,
Келген кезим бүгүн сени сагынып.

Көгүчкөндөй тизилишип бир кезде,
Аттанганбыз турмушка кез келди деп.
Балалыкты эскерүүгө чогулдук,
Мына бүгүн кезиктик күн белгилеп.





## ЖАЙЛОО КАНДАЙ КЕРЕМЕТ

Уясына күн батып,
Бүткүл аалам түн катып.
Жалгыз гана олтурат,
Үкү байкуш үн катып.

Көктө жалгыз ай жылып,
Ак куу сымал жай жылып.
Жымың-жымың этишсе,
Жылдыздарга тартылып.

Калган кезде таң сүрүп,
Эшик, түндүк тең түрүп.
Малдар түгөл чыгышты,
Борсулдаган ит үрүп.

Түндүктөн нур төгүлүп,
Чыгыштан күн көрүнүп.
Жайлоо кандай керемет,
Тирүүлүккө өбүлүп.

## СЫРДАШАЛЫ КЕЛ КЛАССТАШ

Өттү мезгил учкан куштай зымырап,
Жолугушуу бүгүн бизге, тез келген.
Сырдашалы кел классташ бир болуп,
Кандай жакшы балалыкты эскерген.

Алтын уя-асыл мектеп сыйкыры,
Кайда жүрсөк турат бизди чакырып.
Акын кызың болгон анда окуучуң,
Келген кезим бүгүн сени сагынып.

Көгүчкөндөй тизилишип бир кезде,
Аттангабыз турмушка кез келди деп.
Балалыкты эскерүүгө чогулдук,
Мына бүгүн кезиктик күн белгилеп.





## ЖАЙЛОО КАНДАЙ КЕРЕМЕТ

Уясына күн батып,
Бүткүл аалам түн катып.
Жалгыз гана олтурат,
Үкү байкуш үн катып.

Көктө жалгыз ай жылып,
Ак куу сымал жай жылып.
Жымың-жымың этишсе,
Жылдыздарга тартылып.

Калган кезде таң сүрүп,
Эшик, түндүк тең түрүп.
Малдар түгөл чыгышты,
Борсулдаган ит үрүп.

Түндүктөн нур төгүлүп,
Чыгыштан күн көрүнүп.
Жайлоо кандай керемет,
Тирүүлүккө өбүлүп.

## ЖООКЕРЛЕРГЕ

Мекендин кепил болуп тынчтыгына,
Аттанып жоокерлер чыкты мына.
Турушат күнү-түнү кирпик какпай,
Сестентер күчтү берип мылтыгына.

Артышып салмактуу жүк моюнуна,
Катышып сагынычты коюнуна.
Жоокерлер жүрөт чепти кайтарышып,
Тоо кезип, жолдун туруп чок тоомуна.

Жылдызы маңдайында жаркыраган,
Беттешсе душмандары калтыраган.
Бел болуп турса кыргыз кыраандары,
Жайкалат чөлү гүлдөйт какыраган.





## ЭНЕ ТИЛИМ

Алдейледи энекем ушул тилде,
Көөдөнүмө сиңирип сулуулугун.
Алпештеди атакем ушул тилде,
Кулагыма угузуп улуулугун.

Чоң энем да айтканда жомокторун,
Улуу тилдин байкалат керемети.
Тосуп анан узатса конокторун,
Арта түшөт таттуу тил дараметп.

Ушул тилде айтылып "Манас "келген,
Эл турмушу, өтмүшү баяндалып.
Ушул тилде ураандап жоону жеңген,
Тууну бийик көтөрүп, шамы жанып.

Өркүндөсүн эне тил кадыр алып,
Ишканада, унаада, көчөлөрдө.
Өр таясын бүркүттөй шаңшып алып,
Кор кылгым жок тилимди өзгөлөргө.

## ЖООКЕРЛЕРГЕ

Мекендин кепил болуп тынчтыгына,
Аттанып жоокерлер чыкты мына.
Турушат күнү-түнү кирпик какпай,
Сестентер күчтү берип мылтыгына.

Артышып салмактуу жүк моюнуна,
Катышып сагынычты коюнуна.
Жоокерлер жүрөт чепти кайтарышып,
Тоо кезип, жолдун туруп чок тоомуна.

Жылдызы маңдайында жаркыраган,
Беттешсе душмандары калтыраган.
Бел болуп турса кыргыз кыраандары,
Жайкалат чөлү гүлдөйт какыраган.





## ЭНЕ ТИЛИМ

Алдейледи энекем ушул тилде,
Көөдөнүмө сиңирип сулуулугун.
Алпештеди атакем ушул тилде,
Кулагыма угузуп улуулугун.

Чоң энем да айтканда жомокторун,
Улуу тилдин байкалат керемети.
Тосуп анан узатса конокторун,
Арта түшөт таттуу тил дарамети.

Ушул тилде айтылып "Манас "келген,
Эл турмушу, өтмүшү баяндалып.
Ушул тилде ураандап жоону жеңген,
Тууну бийик көтөрүп, шамы жанып.

Өркүндөсүн эне тил кадыр алып,
Ишканада, унаада, көчөлөрдө.
Өр таясын бүркүттөй шаңшып алып,
Кор кылгым жок тилимди өзгөлөргө.

## СҮЙҮҮГӨ ТААЗИМ

Төгүлүп, төгүлө албай бүт ойлорум,
Буулуккан булуттарга мен окшодум.
Сүйүүгө миң бир таазим эткен менен,
Сүйлөбөй мен жашоодо көп боздодум.

Ирмелбей каректерим сени ойлоп,
Булуттан чыгар күндү эңсеп, болжоп.
Бөлөнүп жыргалына махабаттын,
Биз бассак суунун жээгин бирге бойлоп.

Сүйүүнүн азабына баткан чагым,
Жүзүмдөн ылдый түшөт аккан жашым.
Чыга албай сезимиңдин соресине,
Мен канча кыйноо тартам билбейм дагын.





## ЖАЗ ЖАНА МЕЗГИЛ

Сулуулукту тартуулаган жаз айы,
Суктандырган март, апрель, май айы.
Теребелге жашыл килем төшөгөн,
Келиптир ээ кутман жазым баягы.

Жапжаш баары жашарыптыр карасаң,
Туура бир жыл айланыптыр санасам.
Менин гана жаштыгымдын изи жок,
Картайтпачы мени бир аз аясаң.

Коштоп мени ойлор жүрөт ар кандай,
Карылыкка бой сундуруп жаткандай.
Жаш кездеги жаз күндөргө окшобой,
Камчы салып улам алга шашкандай.

## СҮЙҮҮГӨ ТААЗИМ

Төгүлүп, төгүлө албай бүт ойлорум,
Буулуккан булуттарга мен окшодум.
Сүйүүгө миң бир таазим эткен менен,
Сүйлөбөй мен жашоодо көп боздодум.

Ирмелбей каректерим сени ойлоп,
Булуттан чыгар күндү эңсеп, болжоп.
Бөлөнүп жыргалына махабаттын,
Биз бассак суунун жээгин бирге бойлоп.

Сүйүүнүн азабына баткан чагым,
Жүзүмдөн ылдый түшөт аккан жашым.
Чыга албай сезимиңдин сересине,
Мен канча кыйноо тартам билбейм дагын.





## ЖАЗ ЖАНА МЕЗГИЛ

Сулуулукту тартуулаган жаз айы,
Суктандырган март, апрель, май айы.
Теребелге жашыл килем төшөгөн,
Келиптир ээ кутман жазым баягы.

Жапжаш баары жашарыптыр карасаң,
Туура бир жыл айланыптыр санасам.
Менин гана жаштыгымдын изи жок,
Картайтпачы мени бир аз аясаң.

Коштоп мени ойлор жүрөт ар кандай,
Карылыкка бой сундуруп жаткандай.
Жаш кездеги жаз күндөргө окшобой,
Камчы салып улам алга шашкандай.

## МАЖҮРҮМ ТАЛ

Жашыл назик жалбырак,
Сырдуу карайт жалдырап.
Ийип ийкем бутагын,
Кыйбас сезим калтырат.

Мажүрүм тал ийилген,
Кызбы жашыл кийинген?
Карап турсаң анан да,
Жарга окшойт жүгүнгөн.

Окшойт эне чачпагы,
Обон салса шактары.
Анан дагы окшошот,
Мээрим төгүп жатканы.





## АППАК КАР

Тынбай жаагын аппак кар,
Сенде бакыт, байлык бар.
Кубандырган балдарды,
Кубанычтуу кайрык бар.

Аппак карда шаттык бар,
Жаңылануу, жаштык бар.
Ар бир түшкөн бүртүктө,
Тазалануу актык бар.

Себеленип жаагын кар,
Бурганактуу каарың бар.
Оору-сыркоо, тумоого,
Шыпаа болор дарың бар.

## АЯЛУУ СЕЗИМ

Каректерим талыганча карадым,
Узаттым да, кайрылса деп самадым.
Улутунуп турдум көпкө анан мен,
Сага деген сезимимди аядым.

Менде калды жаздай болуп элесиң,
Эске түшүп жан дүйнөмдү эзесин.
Шүүдүрүмдүү күн кусасы бүтсүнчү,
Качан кайтып жазым болуп келесиң?

## САГЫНЫЧ

Сыр катып келдим сага,
Ынак дос болор белең.
Сезимди алоолонткон,
Балалык кыял менен.

Жашынмак ойноп жүрүп,
Жашынып калдың белең.
Азоолуу ошол бойдон,
Мен сени таппай келем.
Балалыгымдай!....





## ЖЕРГЕМДЕ ЖАЗ

Жаз келди мына жадырап,
Жашылдан кебез жамынат.
Жер эне дагы ойгонду,
Уйкуда жаткан магдырап.

Бак-дарак бүчүр байлады,
Талаада гүлдөр жайнады.
Табийгат көрктүү ансайын,
Мукамдуу куштар сайрады.

Тартуулайт жазым сулуулук,
Таң менен кошо жылуулук.
Жыпары аңкып ааламга,
Жаз сенде тура улуулук.

## АЯЛУУ СЕЗИМ

Каректерим талыганча карадым,
Узаттым да, кайрылса деп самадым.
Улутунуп турдум кепкө анан мен,
Сага деген сезимимди аядым.

Менде калды жаздай болуп элесиң,
Эске түшүп жан дүйнөмдү эзесин.
Шүүдүрүмдүү күн кусасы бүтсүнчү,
Качан кайтып жазым болуп келесиң?

## САГЫНЫЧ

Сыр катып келдим сага,
Ынак дос болор белең.
Сезимди алоолонткон,
Балалык кыял менен.

Жашынмак ойноп жүрүп,
Жашынып калдың белең.
Азоолуу ошол бойдон,
Мен сени таппай келем.
Балалыгымдай!....





## ЖЕРГЕМДЕ ЖАЗ

Жаз келди мына жадырап,
Жашылдан кебез жамынат.
Жер эне дагы ойгонду,
Уйкуда жаткан магдырап.

Бак-дарак бүчүр байлады,
Талаада гүлдөр жайнады.
Табийгат көрктүү ансайын,
Мукамдуу куштар сайрады.

Тартуулайт жазым сулуулук,
Таң менен кошо жылуулук.
Жыпары аңкып ааламга,
Жаз сенде тура улуулук.

## АЯЛУУ СЕЗИМ

Каректерим талыганча карадым,
Узаттым да, кайрылса деп самадым.
Улутунуп турдум көпкө анан мен,
Сага деген сезимимди аядым.

Менде калды жаздай болуп элесиң,
Эске түшүп жан дүйнөмдү эзесиң.
Шуудурумдуу күн кусасы бүтсүнчү,
Качан кайтып жазым болуп келесиң?

## САГЫНЫЧ

Сыр катып келдим сага,
Ынак дос болор белең.
Сезимди алоолонткон,
Балалык кыял менен.

Жашынмак ойноп жүрүп,
Жашынып калдың белең.
Азоолуу ошол бойдон,
Мен сени таппай келем.
Балалыгымдай!....





## ЖЕРГЕМДЕ ЖАЗ

Жаз келди мына жадырап,
Жашылдан кебез жамынат.
Жер эне дагы ойгонду,
Уйкуда жаткан магдырап.

Бак-дарак бүчүр байлады,
Талаада гүлдөр жайнады.
Табийгат көрктүү ансайын,
Мукамдуу куштар сайрады.

Тартуулайт жазым сулуулук,
Таң менен кошо жылуулук.
Жыпары аңкып ааламга,
Жаз сенде тура улуулук.

## БУЛУТ

Булут ээлеп асманды,
Буулукkандан жаш тамды.
Күндүн көзүн бекитип,
Күркүрөшүп шаттанды.

Ары-бери жылышып,
Көктү мекен кылышып.
Төгүп өтүп жамгырын,
Калат жашын тыйышып.

Буралышат түтүндөй,
Жылып жөнөйт үзүлбөй.
Кайра туруп капташат,
Көк асманды бүтүндөй.





## АЙМАМА

Кичинекей бөбөгүм,
Өтө чыргоо дегеним.
Кыйыктанып себепсиз,
Чыр салганын сеземин.

Айла кетип апакем,
“Кел, АЙМАМА кел” - деди.
Тил албаган бул кызды,
Берем, алып кет, - деди.

Асмандагы"АЙМАМА"
Жерге түшүп келеби?
Мени алып кетпейт ал,
Билбейт үйдү себеби.

Күндө кечке ыйлайсың,
Угуп сенин үнүңдү.
Адашпастан " АЙМАМА"
Табат сенин үйүңдү.

## БУЛУТ

Булут ээлеп асманды,
Буулуккандан жаш тамды.
Күндүн көзүн бекитип,
Күркүрөшүп шаттанды.

Ары-бери жылышып,
Көктү мекен кылышып.
Төгүп өтүп жамгырын,
Калат жашын тыйышып.

Буралышат түтүндөй,
Жылып жөнөйт үзүлбөй.
Кайра туруп капташат,
Көк асманды бүтүндөй.





## АЙМАМА

Кичинекей бөбөгүм,
Өтө чыргоо дегеним.
Кыйыктанып себепсиз,
Чыр салганын сеземин.

Айла кетип апакем,
“Кел, АЙМАМА кел” - деди.
Тил албаган бул кызды,
Берем, алып кет, - деди.

Асмандагы"АЙМАМА"
Жерге түшүп келеби?
Мени алып кетпейт ал,
Билбейт үйдү себеби.

Күндө кечке ыйлайсың,
Угуп сенин үнүңдү.
Адашпастан " АЙМАМА"
Табат сенин үйүңдү.

## КӨПӨЛӨК

Көкөлөп учат талаада,
Кейгөйү болбойт санаада.
Конгону кызыл гүл болуп,
Көз жоосун алат кайра да.

Эркелейт гүлдүн койнунда,
Эң эле кооз, сонун да.
Кубулуп учат бийиктеп,
Кулпурган дүйнө тобунда.

Учушат кайкып көкөлөп,
Укмуштай сулуу көпөлөк.
Тор менен кармап сүйүнөт,
Кармашып балдар бөпөлөп.





## ШАРКЫРАТМА

Жээктеп өскөн карагат,
Салаалап сууга каранат.
Шаркырап агып туптунук,
Дарыя ага жарашат.

Обон салып аткандай ,
Күмүштөн шуру таккандай.
Чачырап төмөн секирет,
Оргуштап көктү аткандай.

Таштан ташка урунуп,
Тоодон ылдый куюлуп.
Суусап турган талааны,
Гүл кыласың кубулуп.

## ЫСЫК-КӨЛ

Ысык-Көл жээкке урганда толкундарын,
Айталбай турдум карап сагынганым.
Көлүмдүн мээриминен байкап турдум,
Кучагын жайып мени чакырганын.

Арбалып майда толкун сезимиме ,
Батырып алдым көлдү карегиме.
Убакыт келип жолго чыгарымда,
Сагынычым айтып алдым дарегине.

Оо көлүм! Касиетине багынамын,
Энемдей сени кайра сагынамын.
Алыстап сенден узап баратсам да,
Кудайдан, келүү үчүн жалынамын.





## "ПОЭЗИЯ ОРДОСУ"

"Поэзия Ордосу" жакшылыктан баштаган,
Жети дубан таланттарын таптаган.
Илгерилеп, жылып турса алдыга,
Жазган ырын көтөрмөлөп мактаган.

Баткениме Ордом келсе кубанам,
Жакшы тоссок, акталса дейм убарам.
Эже-сиңди, ага-ини, курбу дос,
"Жакшылыкка күбө бол" - деп суранам.

Кең Баткеним мөмөгө да, кеңге бай,
Улуттар көп, ынтымактуу элге бай.
Ишке ашып максат тилек оюбуз,
Акындардын жан дүйнөсү сырга бай.

Баткенимдин арчасындай көгөрүп,
Ыр куржунун арта келет өңөрүп.
Тоо гүлүндөй куунак болуп көңүлү,
Ыр окусун шаң дүйнөгө бөлөнүп.

## БУЛУТТАР

Асман ачык. Аппак булут тулпарга,
Ак булуттар окшоп кетет шумкарга.
Түрмектөлүп түр көрсөткөн булуттар,
Түгөнбөгөн түйшүктүү бир сапарда.

Асман толгон ак булутту жактырып,
Көздөрүмө асман жерди батырып.
Бийик тоолуу айылыма суктанам,
Жаз айынын кооздугу мас кылып.

Магдыратып суктантасың мейкиндик,
Учкум келет, канат сермеп чексиздик.
Ак булуттар удургушат алдыга,
Жер-асмандын кучагында эркиндик.





## ЫР ДЕСТЕ

Уйку көздөн качып кетти талаалап,
Көңүлүмдө кызгалдактуу жаз болуп.
Кызыл-тазыл кызгалдактай тизилген,
Ырларымдын кызыгына шаң толуп.

Апакемдин эмгегинен баар алып,
Көңүлдөрүм чебер эне өңдөнүп.
Эң кыйыны каттама ыр куpaктай,
Чачыласын көөдөнүнө бөктөрүп.

Табияттын кооз, сулуу жазындай,
Көңүлүмдө жамгыр жаап жаткандай.
Тамчысындай тунук таза жамгырдын,
Ырлар тамат шуруларын чачкандай.

## БУЛУТТАР

Асман ачык. Аппак булут тулпарга,
Ак булуттар окшоп кетет шумкарга.
Түрмөктөлүп түр көрсөткөн булуттар,
Түгөнбөгөн түйшүктүү бир сапарда.

Асман толгон ак булутту жактырып,
Көздөрүмө асман жерди батырып.
Бийик тоолуу айылыма суктанам,
Жаз айынын кооздугу мас кылып.

Магдыратып суктантасың мейкиндик,
Учкум келет, канат сермеп чексиздик.
Ак булуттар удургушат алдыга,
Жер-асмандын кучагында эркиндик.





## ЫР ДЕСТЕ

Уйку көздөн качып кетти талаалап,
Көңүлүмдө кызгалдактуу жаз болуп.
Кызыл-тазыл кызгалдактай тизилген,
Ырларымдын кызыгына шаң толуп.

Апакемдин эмгегинен баар алып,
Көңүлдөрүм чебер эне өңдөнүп.
Эң кыйыны каттама ыр курактай,
Чачыласын көөдөнүнө бөктөрүп.

Табияттын кооз, сулуу жазындай,
Көңүлүмдө жамгыр жаап жаткандай.
Тамчысындай тунук таза жамгырдын,
Ырлар тамат шуруларын чачкандай.

## БАКЧАДАГЫ АЛЧА

Атакемдин багында,
Алма, өрүк жагында.
Өсүп турат бир алча,
Мөмөсү көп шагында.

Куштар конуп алышат,
Мукам добуш салышат.
Дарылыгын сезгендей,
Чокуп-чокуп калышат.

Мончок сымал көрүнөт,
Бышса жерге төгүлөт.
Тебеледи кимдер деп,
Санаам санга бөлүнөт.

Тигип атам алчаны,
Коздоптур бакчаны.
Пайдасы көп анан да,
Жегендердин сак жаны.





## АЙ ЖАҢЫРГАНДА

Ай жаңырып көрүндү,
Сүттөй нуру төгүлдү.
Колун жайып апакем,
Тилеп турду өмүрдү.

Ай көрүнсө жаңырып,
Апам үчүн жаңылык.
Бата кылат шыбырап,
Калбайын деп жаңылып.

Аалам нурга бөлөнөт,
Арча бешик өңөрөт.
Апакемдин оюнда,
Ай кайрадан төрөлөт.

## МУЗ ЧОЛПУ

Тизилип турган муз чолпу,
Кол менен жасап койгондой.
Тыпылдап тамат тамчысы,
Чакалар суугa толгондой.

Балдардын көзүн күйгүзөт,
Чатырда күлүп күн жүрөт.
Үзүлүп түшсө тып этип,
Балмуздак дешип жүгүрөт.

## ТААРЫНБА

Садагасы таарынбачы,
Антип мени карабачы.
Тартуулады бизге өмүр,
Даамы таттуу махабатты.

Бирок кеттиң, кайрылбадың,
Мен деп эч бир кайгырбадың.
Күлө карап сүрөтүңдөн,
Түбөлүк сен айрылбадың.





## АНАРДЫН ДАНЫ КАНЧА?

Тамшантат таттуу бадам,
Жегенде чагып адам.
Данегин бадамдардын,
Бир-бирден санайт балам.

Бадамы жерде калып,
Бир кызык ойго барып.
"Канча дан бар экен" - деп,
Анарды алган жарып.

Кызыктуу ойго батып,
Анардан алат татып.
Неликтен даны көп? - деп,
Олтурат башы катып.

Санаса чыкпайт саны,
Баламдын тынбайт жаны.
Ойлонуп дале жүрөт,
Анардын канча даны?

## АЙКАШКА

Кичинекей Айкашка,
Эми толот бир жашка.
Топ кулундун ичинен,
Күлүктүгү бир башка.

Маңдайына жарашкан,
Тептегерек агы бар.
Кубандырган энесин,
Мээримдүүлүк жагы бар.

Тез чоңоюп кетсечи,
Эне оюн сезсечи.
Ат салышып мелдеште,
Эң биринчи жетсечи.





## КЫШТЫН КҮНҮ

Айлана бүт аппак кар,
Жердин тону жаңырды.
Башын ийип дарактар,
Мончок, шуру тагынды.

Тоолор мамык жамынат,
Ала-чоло коктусу.
Күн нуруна чагылат,
Аяз тоңгон чокусу.

Балдар ойнойт тайышып,
Чаналарын жетелеп.
Калат кары майышып,
Арткы дөңдө энтелеп.

## БАКА

Суугa бардым жакага,
Көзүм түштү бакага.
Толтурган соң чолп этип,
Түшүп калды чакага.

Иши жакпай баканын,
Чоңун бердим жазанын.
Катуу-катуу чайпалтып,
Суусун төктүм чаканын.

Курулдаган кур бака,
Түштү неге бул жакка?
Көрүнгөнбү көзүңө,
Көлчүк сымал бул чака?





## БИР ӨЗҮҢӨ УЧКУМ КЕЛЕТ КУШ БОЛУП

Карап сени талыганча көздөрүм,
Карегиңден мен өзүмдү издедим.
Жолуктурган тагдырыма таң калып,
Сендеги жок махабатты эңседим.

Узатарда жаздай сүйкүм элесиң,
Кышка айланган жүрөгүмдү сезбедиң.
Үшүп, тоңуп ызгаарына сүйүүнүн,
Муздай катып каларымды билбедим.

Кыялымда, жашоомдо жаз болуп,
Сени гана жаз гүлүндөй эңседим.
Бир өзүңө учкум келет куш болуп,
Арнасам деп, сага сүйүү дептерин.

## ААРЫЛАР

Бал алам деп атакем,
Алып келди бал челек.
Учуп кетти аарылар,
Таң агарып ата элек.

Зуу-зуу этип аарылар,
Гүлдөн гүлгө конушат.
Бал жыйноого астейдил,
Гүл ширесин сорушат.

Тизилишип калганда,
Аарыларды санады.
Түгөлдөсө бир-бирин,
Балдар көпкө таң калды.

Кезегине тизилип,
Тартип сактайт аарылар.
Жасалат го балынан,
Айыктырчу дарылар.





## БАЛАТЫ

Кичинекей балаты,
Көркөм кооз карачы.
Аска тиреп өскүчө,
Канча мезгил саначы?

Жашыл кийим жарашып,
Бир-бирине жанашып.
Өсүп жатат билинбей,
Бийиктикти самашып.

Тийбесин жел айдары,
Куунак өссүн жайдары.
Кыя чаап кетпесин,
Аркы айылдын балдары.

## КАЙРЫЛБАЙ КЕТТИ

Айлана жашыл боёлгон,
Жаштыгым жашыл оронгон.
Тартылып көзүм сүрөткө,
Көңүлүм жүрөт жаш бойдон.

Себелеп жааган жамгырда,
Балалык калды адырда.
Кайрылбай кетти тез эле,
Санатым болуп жаңы ырда.

## КАЙРАТ ОТУ БИЛИНСЕ

Эмгек шаң шөкөт болуп,
Эмгек бак дөөлөт экен.
Жашоону ким каалаcа,
Эмгек рахат төгөт экен.

Бак дөөлөткө малынар,
Ар ким адал иштесе.
Оор жумуш жеңилер,
Кайрат оту билинсе





## ТУРАБЫ ТООЛОР КУБАНЫП

Күлүгү жетпей ойлордун,
Бийиги канча зоолордун.
Кылымдар бою катылган,
Сырлары кандай тоолордун?

Жапжашыл неге арчасы,
Куурабайт кыш, күз, жай, жазы?
Тоолор да турат жаш бойдон,
Өтсө да кылым канчасы.

Кербендей болуп чубалып,
Күн чыкса алгач нур чалып.
Телмире карап ааламга,
Турабы тоолор кубанып.

## БИР ТУУГАНЫМ

Бир тууганым тамырлашым, тирегим,
Жүрөгүмдө сен барыңды билемин.
Арка жөлөк болуп бирге дайыма,
Жакшылыкты баарыбызга тиледим.

Кечке ойноп чоң кичине баарыбыз,
Бирге ойногон Айтбай болчу чоңубуз.
Атып качмай, кызыл желек ойногон,
Жаштык кайтып, ойносок ээ дагы биз.

Үйгө келсек дасторконго жайнаган,
Дүйүм тамак орду менен кайнаган.
Атам-энем баарыбызга бир тилеп,
Балдарым деп өмүрлөрүн арнаган.

Азырынча менден алыс бөлөксүн,
Алыстасын дайым мага жөлөксүң.
Бир тууганым сагындым деп өзүңдү,
Сага арнаган ыр белегим жөнөттүм.





## МЕН ДА ЖАШАП ЖҮРГӨНҮМӨ СҮЙҮНӨМ

Таң атканда жаратканга сыйынам,
Өмүр белек бергенине сүйүнөм.
Эрте менен жумушума кубанып,
Ушул жолдон үмүтүү мен жүгүрөм.

Керемет ай сулуулугу төгүлгөн,
Жымыңдаган жылдыз чыгып көрүнгөн.
Жакшы, жаман адамдардын ичинен,
Мага деле көңүлдөрү бөлүнгөн.

Бар болсо да, жок болсо да дүнүйөм,
Урмат сыйым кетпесе дейм үйүмдөн.
Бул жашоого келген конок экенбиз,
Мен да жашап жүргөнүмө сүйүнөм.

## БАЛАМА

Балам бактым, балам менин байлыгым,
Сени менен толот өмүр шаттыгым.
Жаман көздүн түшпөсө экен назары,
Аман болчу маңдайыма жаркыным.

Балам менин кубатым да, тирегим,
Балам менин акылдуум, зирегим.
Карыганда ата-энесин багат деп,
Балам сага мен ишенип жүрөмүн.

Ишенчиме үмүт кошуп улагын,
Өчпөсө экен менин жанган чырагым.
Адал иштеп ак эмгектен баар тап,
Аманатка кыянаттык кылбагын.





## СУЛУУ ЖАЗ

Жаз келгенде жан дүйнөм жашарганы,
Жаз келди деп булбулдун жар салганы.
Биринчи жаз гүлдөрү бажырайып,
Байчечекей баш багат жаздын алды.

Жашыл кийсе жасанып дарактары,
Жер түбүнөн агылат булактары.
Жерин айдап үрөн сээп ай талаага,
Баба дыйкан эртеңге камынганы.

Кандай сонун керемет жаздын деми,
Жанга жагым бул учур кызык деги.
Түркүн-түркүн кызыл, ак көпөлөктөр,
Учуп конуп гүлдөргө жүргөн кези.

Талаадагы кылкылдап кызыл гүлдөр,
Кандай сулуу жагымдуу мукам үндөр.
Ойноп жаткан оркестр коштоп улам,
Кулагыма угулат түркүн күүлөр.

## БАЛАМА

Балам бактым, балам менин байлыгым,
Сени менен толот өмүр шаттыгым.
Жаман көздүн түшпөсө экен назары,
Аман болчу маңдайыма жаркыным.

Балам менин кубатым да, тирегим,
Балам менин акылдуум, зирегим.
Карыганда ата-энесин багат деп,
Балам сага мен ишенип жүрөмүн.

Ишенчиме үмүт кошуп улагын,
Өчпөсө экен менин жанган чырагым.
Адал иштеп ак эмгектен баар тап,
Аманатка кыянаттык кылбагын.





## СУЛУУ ЖАЗ

Жаз келгенде жан дүйнөм жашарганы,
Жаз келди деп булбулдун жар салганы.
Биринчи жаз гүлдөрү бажырайып,
Байчечекей баш багат жаздын алды.

Жашыл кийсе жасанып дарактары,
Жер түбүнөн агылат булактары.
Жерин айдап үрөн сээп ай талаага,
Баба дыйкан эртеңге камынганы.

Кандай сонун керемет жаздын деми,
Жанга жагым бул учур кызык деги.
Түркүн-түркүн кызыл, ак көпөлөктөр,
Учуп конуп гүлдөргө жүргөн кези.

Талаадагы кылкылдап кызыл гүлдөр,
Кандай сулуу жагымдуу мукам үндөр.
Ойноп жаткан оркестр коштоп улам,
Кулагыма угулат түркүн күүлөр.

## КЫЗ АДЕБИ

Оо кыздар, кагылайын аял заты,
Кандайча өзүңөрдөн ыйман качты.
Чачтарын кыска кесип бой көтөрүп,
Жасаган жоруктарың жанга батты.

Кыздарга мындай адат абдан уят,
Экендигин ал кыздар качан туят.
Заманга шылтоо коюп себептерин,
Акылдан адашканын кантсе тыят.

Кыргызымдын келечегин ойлогула,
Уят кылып жер каратып койбогула.
Жашоодо аял баркың бийик тутуп,
Акыл, эс, ыйман менен коргогула.





## АБЫСЫНДАР

Абсындарым урмат-сыйды бааладык,
Кайын журтка бүт өмүрдү арнадык.
Жакшылыкта, жамандыкта бир болуп,
Улуу элдин салтын бийик кармадык.

Туугандарды бир-бирине тең кылып,
Келгендерге пейилдерди кең кылып.
Ак дасторкон жая салып жайнатып,
Чачылганды бирге жүрдүк тең жыйып.

Келиндер биз кеңешип иш жасадык,
Кысталганда ынтымакты сактадык.
Үлгү болуп коңшу-колоң, тууганга,
Абсындарым сырды бекем кармадык.

## ТООЛОР

Тоолорум унчукпастан турган менен,
Эч кимге сыр төкпөгөн мүнөзү бар.
Тоолорум жүрөгүндө бийик туткан,
Далилдер, түбөлүктүү күбөсү бар.

Тоолордун сырын тоодо өскөн билет,
Кийик от, Көкөмерен от жыттанат.
Дарылык касиет бар бул тоолордо,
Келген адам бир көрүп, миң суктанат.

Тоолорум бир калыпта турган менен,
Үмүттүү тилеги бар, максаты бар.
Ак көңүл, ак эмгекти, айкөлдүктү,
Сабырды, ыймандыкты тоолордон ал.





## СҮЙҮҮГӨ ЧЕКИТ БОЛДУ

Тар жолдо жолугуштук,
Кадалып муңдуу көздөр.
Сагыныч толуп ташып,
Бүтпөдү асыл сөздөр.

Бакыттын тар жолунда,
Жолукту шордуу жүрөк.
Кыйналдым эчен ирет,
Сезимим таппай түнөк.

Кабагым бүркөк асман,
Көңүлүм муңга толду.
Көз жашым төгүлгөндө,
Сүйүүгө чекит болду.

## КЕЧИР АПА

Көңүлүмө кир толуп капалансам,
Айыктырат апа билсең алаканын.
Жетпедим го баркыңа убагында,
Азаптады өзүңдү бала чагым.

Канча түйшүк мен үчүн тартың апа,
Мээримиңди аянбай төгүп гана.
Кучагыңа чакырсаң эркелетип,
Мурчуюп барбай койгом кечир апа.

Эркелетип алаканга салганыңды,
Ишенип жакшы окуйт деп сабагымды.
"Оку"- деп китеп, дептер сатып берсең,
Кечир апа баркың билбей калбадымбы!.

Оорусам күйпөлөктөп өзүн мага,
Жан соогалап өмүрүм тилеп гана.
Ал кезде азабыңды илбей көзгө,
Айтышкан эрке кызын кечир апа.

Жетилип күндөн күнгө арзуу кылып,
Өзүмдү күнөөлөймүн акыл кирип.
Балалык чоркок кыял кезимдеги,
Азаптуу, күндөрүңдү кечир апа.





## ЭНЕМ КЕЛИП АЙТЫП КЕТТИ АЛКЫШЫН

Энем келип чуркап чыкты балдарым,
Ал аңгыча кирип келди жайдарым.
Мээрим төгүп кучагыны ачканча,
Кучагынан чыкпай калды колдорум.

Эркелетип сыр ачышып күлгөнү,
Күн нур төгүп жарык кылды үйүмдү.
Небере көрүү тилегине жеткени,
Энекемдин маанайынан сезилди.

Энем келди алтын куржун артынып,
Ай, күн, болуп нурун чачып эртелеп.
Ар бир айткан акыл сөзү дем берип,
Угуп турдум мен энеме эркелеп.

## ЭНЕКЕМДИН ТИЛЕГИ

Ай күнүңү санап күндө ойлогон,
Тогуз айды, тогуз күндү болжогон.
Бала бакыт бул жашоонун белеги,
Бата менен амандыгын жолдогон.

Энекем ай, бейишим, акылманым,
Чыдамкай, назик мүнөз асыл жаным.
Төрөлүп нaристесин көз жарганда,
Жар салат урпагыны улаганын.

Бала бакыт бар байлыгы мүрөгү,
Бала барда тыңч эненин жүрөгү.
Бала сүйүп эне жанган шам чырак,
Эч бир үйдүн бузулбасын түнөгү.





## ЭНЕМ ТИККЕН САЙМА

Эстелик деп, энем тиккен кештеге,
Көргөн сайын көңүл чиркин бөлүнөт.
Түн уйкусун уурдап алган гүлдөрү,
Ай нуруңдай мынча сулуу көрүнөт.

Жарашыктуу энем тиккен саймага,
Жибектердин миң түркүнүн тандаган.
Эске салат чебер колдуу энемди,
Аял деген кадырыны барктаган.

Тириликке жанын үрөп аябай,
Сайма сайып, түн уйкусу бөлүнгөн.
Жаным кызым жашасын деп бактылуу,
Асыл энем, колдон көөрү төгүлгөн.

## АППАК КАРДЫН СЫЙКЫРЫ

Бир күн таңда карасам,
Багым гүлдөп калыптыр.
Бири калбай бардыгы,
Ак жоолукту салыптыр.

Чуркап чыктым багыма,
Аппак гүлдөн терем деп.
Терген аппак гүлүмдү,
Досторума берем деп.

Гүл деп ойлоп карасам,
Жааган аппак кар экен.
Аппак кардың шунчалык,
Сыйкырлары зор экен.





## АЙЫЛЫМ

Жер бетин жаркыратып аруу таңда,
Көрүнчү тоо башынан күн чубактап.
Айылдын койну шаңга бөлөнгөндөй,
Ыргалчу кылыктанган гүл булактап.

Көлмөдөн курбакалар курулдачу,
Жаңыртып айыл ичин шаңга бөлөп.
Жоогазын, кызгалдактар, мандалактар,
Эртелеп ойгонгондор таңда көрөт.

Учурда өз айылым көзгө комсоо,
Табылбай эл ичинен издегеним.
Аңгырап үйлөр турат бошоп калган,
Кайгыдан билбей турам, эмне дейин.

Жашылдан көйнөк кийип бажырайган,
Баягы эскириптир дарактарым,
Аз калган эл журтума ызаланып,
Шилтенбей капалыктан кадамдарым

## ЭМГЕК

Адамды адам кылып тапкан эмгек,
Жеримден ырыс алып, баккан эмгек.
Ден соолук миң сырларын каткан эмгек,
Жашоону шаңга бөлөп жаткан эмгек.

Адамды жапжаш кылып койгон эмгек,
Тирүүлүк кадырына тойгон эмгек.
Жашоодо жалкоолукту жойгон эмгек,
Бакытка адамдар карк болгон эмгек.

## МЕКЕН ҮЧҮН САК ТУРСА

Желбиретип желегин,
Жоокер дайым бек турса.
Эл тынчтыгы колунда,
Мекен үчүн сак турса.

Оку, оку, талбагын,
Жакшылардын сабында.
Эл журтуңду коргоого,
Даяр тургун дайыма!





## ЖАҢЫ ЖЫЛ

Арчабыз жашыл көркөм,
Суктанам айланага.
Аяздуу кыш да келип,
Кубанам аппак карда.

Шамдары жанып турган,
Арчаны айланабыз.
Жаңы жыл келди мына,
Бүгүн биз майрамдабыз.

Балаты коздолуп,
Балдарды кубандырды.
Арчабыз жашыл көркөм,
Өзгөчө суктандырды.

## АКЫЛДУУ ЗИРЕК БОЛСОҢ

Убакты бекер кетирбе,
Убайым тартып эсирбе.
Акылың менен иш кылып,
Аңкоо бир бала дедирбе.

Жалкоолук сага жарашпайт,
Жаманды эч ким карашпайт.
Сабакты мыкты окусаң,
Сага эч ким жаман санашпайт.

Өтсө да ар бир күнүң,
Жалкоолугуң тутуп бекер.
Көңүлүң калат анда,
Жашоодон алыс кетер.

Акылдуу зирек сен болсоң,
Айга учуп барып коносуң.
Эжейдин жаса айтканын,
Акылдуу зирек болосуң.





## БАКЫТ ДЕГЕН ЭМНЕ?

Билдиңерби балдарым,
Бакыт деген өзү эмне?
Адамзатка өмүрдө,
Бакыт керек эмнеге?

Эмгектенген адамга.
Бакыт өзү жолугат.
Ынтымагы бар болсо.
Берекеси кошулат.

Алтын, күмүш акчадан,
Издебегин бакытты.
Бакыт илим-билимде,
Берет жашоо жарыкты.

Адамдарга бул бакыт,
Ошон үчүн керектир.
Тириликке талпынсаң,
Жакшы жашоо береттир.

## МУГАЛИМ

Билим менен илимдин,
Багын ачкан мугалим.
Бала дилин кубантып,
Нурун чачкан мугалим

*   *   *

Мугалим мөмөлүү бир дарак десем,
Мөмөсү билим алган бала деймин.
Өстүрсө канатыны балапандын,
Пайдасы эл журтуна тийсе деймин.

## ЭНЕ

Сагынамын, сагынам,
Эне кымбат баарынан.
Бала тилеп багынан,
Миң айланып турса да,
Сүйөт кайра жаңыдан.

Эне жыты аңкыган,
Дене боюм балкыган.
Бала болуп бактысы
Толкунунда калкыган,
Ак сүт берген энекем,
Күн нурундай жаркыган.





## СЕЗИМ КАЙРЫКТАРЫ

Жолдо басып, барам шашып,
Ойлорумдун бүтөөрү жок.
Тушайт мени туш тараптан,
Сезимимдин бир үнү жок.

*   *   *

Бийик терек асман тиреп,
Бир жалбырак түшүп келет.
Миң айланып бир толгонуп,
Өмүр өтүп, кайра келет.

*   *   *

Жолдор жатат бөлөк-бөлөк,
Тагдырыма болуп жөлөк.
Аттиң өмүр кайрылбайсың,
Жаш төксөм да көнөк-көнөк.

*   *   *

Адашкан бир жолоочудай,
Өкүт алат жан дүйнөмдү.
Тагдыр жолу эки айры,
Издеп келет кай сүйгөндү?!

## ТҮРКҮН ТҮРМӨКТӨР

Алакандын сызыгындай Ата Журт,
Чыйыр жолуң өмүрүмдөй чийилген.
Ырыскысы жашоомдо  кут төккөн,
Ырлар жазам дүйнөдөгү сүйүүдөн.

* * *

Сүйүүнүн болбой бакты, жолдор айры,
Караанын алыстатып кайрылбадың.
Мен үчүн түбөлүктүү сүйүү келген,
Сагыныч санаасынан айрылбадың.

* * *

Кел Нооруз берекенин жылы болуп,
Элиме ынтымактын багы конуп.
Эгемен эмгекчинин таңы болуп,
Элимдин дасторкону нанга толуп.





## *КУРБАНАЛЫ САБЫРОВДУН ЭЛЕСИНЕ АРНАЛАТ*

## ЭСКЕРҮҮ

Курбаналы агам тирүү биз менен,
Бирге жүрөт өрүкзарды аралап.
Өмүр сырын кошо жазган ыр менен,
Өткөндүгү эрте жүрөк жаралап.

Өз жеринин топурагын бир ууч,
Ыры менен кошо бекем кучактап.
Бейитте да ырын жазып жаткандыр,
Ырдан танбай кетсе дагы ыраактап.

Апрель айы, кадырыңды урматтап,
Жыйналабыз эмгегиңди эскерип.
Өрүк гүлү ачылганда жаңыдан,
Сапар тартып, айылыңа биз келип.

## ЖАШООДОГУ АК, КАРА

Эки түрдүү адамдар бар азыр да,
Чаташтырат мамилени чынында.
Жылуу сүйлөп, акылыңды уурдайт да,
Алдап кетет арзыбаган тыйынга.

Ага болгон ишенимин унутуп,
Басып кетет көңүлүңдү суутуп.
Ошолорду карап туруп жашоодо,
Кемтигимди издеп калап кыйытып.

Бар жогуна, байлыгына карабай,
Адамдар бар таза жүрөк баладай.
Жакшы сөзүн айтып турса бел болуп,
Канат сермеп, учкуң келет талыбай.

Бул өмүрдө ак, караны байкаймын,
Дене, бойду аруулукка чайкаймын.
Жамандардан жаа бою кетем да,
Жакшылардан кадам алыс качпаймын.





## АКЫНДЫН ТАЛАНТЫНА ТААЗИМ

**(Какен Алмазбековдун жаркын элесине)**

Эл эскерет кайталангыс талантын,
Арман, сүйүү ырларыңды жараттың.
"Он үч жашар бала" айтса арманын,
Уккан жандын жүрөктөрүн канаттың.

"Жыпары белең баланын" ыр угамын,
Гүл жытынан бала жытын туямын.
Обон салып ырдалганда ырларың,
Уккум келип, уккан сайын угамын.

Ыры анын качан болсо көңүлдө,
Жашап келет жүрөгүмдүн төрүндө.
"Жарк дей түштү чагылган" деп үн салып,
Обон созуп ырдап калам өзүмчө.

Далай ырчы акын ырын ырдашып,
Атак-даңкка ээ болушкан жыргашып.
Аттиң бирок, көмүскөдө ал калып,
Капалыктан көңүлүнү муң басып.

Кандай баалуу Какен жазган ырлары,
Кылым жашайт, кайталангыс сырлары.
Талантына таазим кылып эскерем,
"Алтын фондо" калды акын кыраандары.

## ЖАШООДОГУ АК, КАРА

Эки түрдүү адамдар бар азыр да,
Чаташтырат мамилени чынында.
Жылуу сүйлөп, акылыңды уурдайт да,
Алдап кетет арзыбаган тыйынга.

Ага болгон ишенимин унутуп,
Басып кетет көңүлүңдү суутуп.
Ошолорду карап туруп жашоодо,
Кемтигимди издеп калап кыйытып.

Бар жогуна, байлыгына карабай,
Адамдар бар таза жүрөк баладай.
Жакшы сөзүн айтып турса бел болуп,
Канат сермеп, учкуң келет талыбай.

Бул өмүрдө ак, караны байкаймын,
Дене, бойду аруулукка чайкаймын.
Жамандардан жаа бою кетем да,
Жакшылардан кадам алыс качпаймын.





## АКЫНДЫН ТАЛАНТЫНА ТААЗИМ

**(Какен Алмазбековдун жаркын элесине)**

Эл эскерет кайталангыс талантын,
Арман, сүйүү ырларыңды жараттың.
"Он үч жашар бала" айтса арманын,
Уккан жандын жүрөктөрүн канаттың.

"Жыпары белең баланын" ыр угамын,
Гүл жытынан бала жытын туямын.
Обон салып ырдалганда ырларың,
Уккум келип, уккан сайын угамын.

Ыры анын качан болсо көңүлдө,
Жашап келет жүрөгүмдүн төрүндө.
"Жарк дей түштү чагылган" деп үн салып,
Обон созуп ырдап калам өзүмчө.

Далай ырчы акын ырын ырдашып,
Атак-даңкка ээ болушкан жыргашып.
Аттиң бирок, көмүскөдө ал калып,
Капалыктан көңүлүнү муң басып.

Кандай баалуу Какен жазган ырлары,
Кылым жашайт, кайталангыс сырлары.
Талантына таазим кылып эскерем,
"Алтын фондо" калды акын кыраны.

## ЫЙЫК КӨРГӨН АКЫНЫМ

**(А.Осмоновду эскерип)**

Акын жазган терип сөздүн асылын,
Ырларыңда жатат жакшы акылың.
Ойлуу жүргөн Ысык-Көлдү жээктей,
Ыр дүйнөмдө ыйык көргөн акыным.

Жетим болуп, балдар үйдө чоңоюп,
Өзү теңдүү балдар менен торолуп.
Канча азап, кыйынчылык көрсө да,
Жашап өткөн ырларына оронуп.

Тагдыр ага сыноо берип сынаган,
Жалгыз кылып, курч болоттой чыңаган.
Жаш болсо да кыйын болгон турбайбы,
Ошончолук зор турмушка чыдаган.

Жаштайынан кетсе дагы арадан,
Эли турат, окуп ырын караган.
Ырларында жашайт акын түбөлүк,
Сүйбөгөн жок, анын ырын жан адам.

Алыкулдун көкөлөсүн ырлары,
Атпай журтка таасир берсин сырлары.
Оору кыйнап көп азапты тартса да,
Таштап кеткен ырында экен жыргалы.





## ИЗДЕП КЕЛЕМ

**(Акын Курбанаалы Сабыровго)**

Асманда жанып турган жылдызымдай,
Обондун уккулуктуу ыргагындай.
Жарк этип күлгөнүңдү издеп келем,
Түндөсү жанып турган чырагымдай.

Сен баскан издериңден басып келем,
Сен өндүү айылыма шашып келем.
Аптыгып сагынычым толуп ташып,
Кусамды ырларыңдан жазып келем.

Аралап айылыңда ойноп күлөм,
Элесиң өрүкзардан издеп жүрөм.
Өрүктүн ширесинде балы тамган,
Ырдалса ырларыңа кулак түрөм.

Саптарды кызыл кыштай кынап алган,
Түйшөлүп, күнү-түнү ырын жазган.
Эскерип ырларыңды окуганда,
Өзүңдү тирүү жандай издеп жүрөм.

## ЧЫНГЫЗ АЙТМАТОВГО

Кыргызымдан кыйын чыгып Чынгызым,
Дүйнө элине кыргызымды тааныттьы.
Талантына таазим кылып канча эл,
Атак-даңкы ай, жылдарды карытты.

Дүйнө жүзүн карегине батырып,
Калеминен чыгармалар жазылып.
Жаш карыны ылгабаган чын сүйүү,
Бегимайдын жүрөгүндө катылып.

Ак кемеде кичинекей Нургаазы,
Тарбияны таамай алган жаш башы.
Бүткүл элдин жүрөгүнү сыздаткан,
Балык болуп сүзүп кетип калганы.

Даниярды эрчип кетип Жамила,
Талкуу болгон кары менен жашына.
Өз сүйүүсүн курмандыкка чалбаган,
Кыргыз кызы үлгү болду баарына.

Чыңгыз агам кара сөздүн чыгааны,
Арасында жете албады кыйласы.
Өлбөс-өчпөс из калтырып өмүргө,
Унутулбайт залкар эмгек кылганы.





## ЫРЫСПАЙДЫ ЭСКЕРҮҮ

Эл эскерет таланттуунун талантын,
Эчен сүйкүм обондорду жараттың.
Жүрөктөрдөн кусалыкты таратып,
Ырга шыктуу эчен жанды саматтың.

Ак ат минип кайрылбастан кеткенде,
Калды бизге күлмүңдөгөн элесиң.
Келбес сапар аттанып сен Ырыспай,
Тирүү бойдон көз алдыма келесиң.

Обондоруң оболосун Ырыспай,
Өчпөй турган асмандагы жылдыздай.
Зор эмгегиң эл ичинде бааланып,
Жашай берсин түгөнбөгөн кылымдай.

## ИСХАК РАЗЗАКОВ

Исхактай уул чыкты кыргызымдан,
Балбылдап көздөрүнөн билик жанган.
Билими, акыл-күчү артык болуп,
Эмгеги эл ичине сиңип калган.

Үмүттүү келечекке карай баскан,
Эстесиң эскирбеген санатымдай.
Жүрөктө кылым жашап каласың да,
Кыргыздын жол көрсөткөн Манасындай.

Түгөнбөс сенин айткан акыл сөзүң,
Чакырып бүткүл элди ынтымакка.
Атамдай сени менен сыймыктанам,
Урпагың мактанышат кылымдарга.





## КАЙНЕНЕ БОЛУП ТАБЫШЫП

Жараткан буйруп тез эле,
Кайнене болдум мен деле.
Уулдун көрүп урматын,
Кубанып жүрөм дегеле.

Төгүлүп менин мээримим,
Уулдун сүйдүм перзентин.
Ак жоолук салган башына,
Кызматын көрдүм келиндин.

Таене болдум жарышып,
Небере менен алышып.
Кызымдын сүйгөн жарына,
Кайнене болдум табышып.

## ТИРҮҮЛҮКТҮ БААЛАЙМ

Өмүр өтөт өтмүшүңдү жоктобой,
Ай, жылдарым бир бирине окшобой.
Жашап келем мен өзүмө дем берип,
Күлүп, жайнап жамандыкты ойлобой.

Ак-караны ажыратып жашаймын,
Колдон келсе зор эмгекти жасаймын.
Кези келип үйүм болор кара жер,
Тирүүлүктү ошон үчүн баалаймын.

Өткөн өттү, өкүнбөймүн, ыйлабайм,
Санаа тартып мен өзүмдү кыйнабайм.
Узун болсун бул жашоодо сапарым,
Жакшы күндү жамандыкка кыялбайм.





## РАЗИЯ ЭЖЕГЕ

Өмүр жолун гүлдөткөн,
Ойлорунда гүл өскөн.
Омоктуу сөздүн мааниси,
Окурманга гүл дестең.

Ак таңдай болуп күлдүргөн,
Акынга жанын күйдүргөн.
Сырдашып келем дос менен,
Ааламды ырга сүйдүргөн.

Эмгегин элге арнаган,
Акылсыз сөзүн айтпаган.
Сынына сынбай жашоонун.
Акылын жаштар тыңшаган.

Оюн ачык айталган,
Ободо куштай үн салган.
Эжекем угуп баарысын,
Бакытка тунуп жашаган.

Дайрадай ташып толкуган,
Маанилүү ырды токуган.
Узагын жашап өмүрдүн,
Урмат, сыйга татыган.

Сыймыгы болуп шаттанып,
Эжекем чыкты аттанып.
Айылдын болуп бактысы,
Жүрө бер эже макталып.

## БАЛДАРЫМ

Балам бар, тоодой бактым акылманым,
Кудайым белек кылган асылдарым.
Алмашпайм алтын, күмүш, каухарга,
Жашоодо перзенттерим, байлыктарым.

Силер бар, нур сезимге термелемин,
Көркүнө чыга калат теребелим.
Күлкүңөр бажырайып нур чачканда,
Шаттыкка толо түшөт тегерегим.

Балдарым өмүрүмдүн көркүн ачкан,
Жолума бак-таалайдын гүлүн чачкан.
Энелик мээримиме бөлөнүшүп,
Жашоонун үзүлбөгөн шамын жаккан.





## ГҮЛНАРА ЭЖЕГЕ

Адамдык улуулук бар мен карасам,
Атына заты дагы куп жарашкан.
Мугалим, акын эне, котормочу,
Сыймыкты эже сизден ким талашкан.

Сүйлөсө тамашакөй жаркылдаган,
Ыр арнап жүрөгүнөн жалындаган.
Акылдуу эжекебай алтын башың,
Бек болсун, жакшылыктан арылбаган.

## КЫЗДАРЫМ БАР

Кыздарым бар кызыл гүлдөй ачылган,
Алар барда үйүм болбойт чачылган.
Саамайларын сылап тарап чачтарын,
Элжиреймин кубанычтан, бакыттан.

Кыздарым бар, бири ай да, бири күн,
Ай нурунан жаралгандай бир бүтүн.
Келечекте бактын тапса экен деп,
Апаңардын тилеги ушул күнү-түн.

## АЙ ЖАРЫК

Ай жарык, нуру төгүлөт,
Айлана кооз көрүнөт.
Асманда жылып жай гана,
Булуттан качып бөлүнөт.

Суктанып айды караймын,
Сулуулап чачым тараймын.
Жанаша жүргөн жылдызды,
Эринбей бирден санаймын.

Айылыма нуру чачырап,
Таң атып түндү качырат.
Түн пардасы түрүлүп,
Күн чыгат анан чачырап.





## ЖАЗГЫ ЖАМГЫР

Ак булуттар сызып келип алыстан,
Шатырата жамгыр жаады капыстан.
Барган сайын кара булут түнөрүп,
Кар себелеп, шамал сокту батыштан.

Ак жамгырга кириништи бак-дарак,
Тазаланып, жаңыланды чар тарап.
Чырайына чыга түшүп табигат,
Сулууланып жаңы күнү башталат.

Жааган жамгыр бир саатта басылды,
Булут тарап, күн чайыттай ачылды.
Жылгалардан аккан суулар жыйналып,
Арыктардан ашып-ташып агылды.

## КҮЗҮНДӨ

Ай талаада эгин бышкан кез ушул,
Чегирткелер арасында ызылдап.
Тирүү жанга бышыкчылык келди деп,
Үн кубултуп торгой сайрайт чырылдап.

Көркөмүнө көрүп карек тойбогон,
Чоктой кызыл алмалары албырат.
Күздүн күнүн далидеген сыяктуу,
Дирилдешет желге сары жалбырак.

Айыл жердин түшүмү мол күзүндө,
Дыйкандардын кырманына дан толуп.
Адал эмгек, маңдай терин агызып,
Кубанышат көңүлдөрүн жай болуп.





## МЕКЕНИМ

Мекен үчүн жан дилимен күйөмүн,
Катасы жок жашоону мен сүйөмүн.
Алыс кетсем мен өзүңдөн тууган жер,
Элесиңди тумар кылып жүрөмүн.

Кызыктырат тоодон аккан булактар,
Шимиришет оюн салган улактар.
Атаганат эстен кетпейт дагы эле,
Бала кезде сенде өткөн убактар.

Элим үчүн сен ыйыксың мекеним,
Жалганы жок мага кымбат экениң.
Сыймыктанам арчалуу, төр жериме,
Менден сага ырым болот белегим.

## БАКТЫЛУУ БАЛАЛЫК

Бар азапты алып салып башымдан,
Бүчүр байлап ачылгым бар жаңыдан.
Апакемден дагы кайра төрөлүп,
Табылсам ээ балалыктын сабынан.

Аттиң ал кез, бактылуу бир көз ирмем,
Канча ирет тоо аралап гүл тергем.
Карагатты, бүлдүркөндү аралап,
Ал кезекте дарылыгын сезбегем.

Балалыгым бир кайрылып келсечи,
Жүрөгүмдүн сагынганын билсечи.
Атаганат кирип келип кайрадан,
Бал татыган бир аз убак берсечи.





## МЕКЕН ҮЧҮН АТТАНЫП

Мекендин кепил болуп тынчтыгына,
Аттанып жоокерлер чыкты мына.
Турушат күнү-түнү кирпик какпай,
Сестентер күчтү берип мылтыгына.

Артышып салмактуу жүк моюнуна,
Катышып сагынычты коюнуна.
Жоокерлер жүрөт чепти кайтарышып,
Тоо кезип, жолдун туруп чок тоомуна.

Жылдызы маңдайында жаркыраган,
Беттешсе душмандары калтыраган.
Бел болуп турса кыргыз кыраандары,
Жайкалат чөлү гүлдөйт какыраган.

## ЭНЕ ТИЛИМ

Алдейледи энекем ушул тилде,
Көөдөнүмө сиңирип сулуулугун.
Алпештеди атакем ушул тилде,
Кулагыма угузуп улуулугун.

Чоң энем да айтканда жомокторун,
Улуу тилдин байкалат керемети.
Тосуп анан узатса конокторун,
Арта түшөт таттуу тил дарамети.

Ушул тилде айтылып "Манас" келген,
Эл турмушу, өтмүшү баяндалып.
Ушул тилде ураандап жоону жеңген,
Тууну бийик көтөрүп, шамы жанып.

Өркүндөсүн эне тил кадыр алып,
Ишканада, унаада, көчөлөрдө.
Өр таясын бүркүттөй шаңшып алып,
Кор кылгым жок тилимди өзгөлөргө.





## ТУУЛГАН ЖЕР

Туулган жерим жүрөгүмдүн дабасы,
Айыл барбы, жүзүм жыттуу абасы?
Айыл таңын сагынамын ар качан,
Кызгалдагы кырда толгон карачы.

Түнү сонун жылдыз толгон чагында,
Нурга бөлөйт алма жыттуу багында.
Көз тойбогон сулуулукка туш келип,
Жигит сүйгүн келет болсо жанында.

Булбул сайрайт үнү түргө кубулуп,
Булак түшөт, тоодон кулап чубуруп.
Магдыраймын айылыма барганда,
Туулган жерим бейиш өңдүү туюлуп.

## ООРУБАЧЫ АТА ЖУРТ

Мылтыктын тарсылдаган үнү чыгып,
Ажалдан учуп жатты огу сызып.
Бейкутта жаткан элдин тынчын алып,
Душмандар кирип келди жапырылып.

Шимшилеп адыр-жонду курчап алып,
Эрдемсип, биздин жерге байрак сайып.
Өрттөштү көздөрүнө көрүнгөндү,
Кутурган желмогуздай каптап алып.

Адамзат тооба кылса жаратканга,
Оң жолду көрсөтүшсө адашканга.
Чырдашпай чек араны тосолучу,
Жетебиз дал ошондо чоң максатка.





## ЭНЕКЕМЕ

Кут болсуң кырк беш жаш куттуу курак,
Куттуктап кичүү кызың ырын сунат.
Кубан апа! Бул жашоонун жыргалына,
Алдыда кырк алты жаш күтүп турат.

Жаша апа! Капаланба, тартпа сана!
Уул-кыздын курчоосунда көпкө жаша.
Өмүрүң гүлдөп турсун гүлдөй болуп,
Жашооңуз жыргалда өтсүн болбой ката.

## Anneciğim

Hoşçakal kırk beş ömürlü yaş
En küçük kızın şarkısını tebrik et
Kuban Anne!Bu hayatın zevkidir
Önde bekler kırk altı ömürlü yaş

Yaşa Anne! Üzgün değıl mutlu ol
Oğul-kızla birilikte uzak yaşa
Bir çiçek gibi geçsin hayatın
Hayatımızdan memnun ol üzülme

*Tercim eden: Salkınay Niymatilla kızı*

## ЖАЗ ЖАНА МЕЗГИЛ

Сулуулукту тартуулаган жаз айы,
Суктандырган март, апрель, май айы.
Теребелге жашыл килем төшөгөн,
Келиптир ээ кутман жазым баягы.

Жапжаш баары жашарыптыр карасаң,
Туура бир жыл айланыптыр санасам.
Менин гана жаштыгымдын изи жок,
Картайтпачы мени бир аз аясаң.

Коштоп мени ойлор жүрөт ар кандай,
Карылыкка бой сундуруп жаткандай.
Жаш кездеги жаз күндөргө окшобой,
Камчы салып улам алга шашкандай.





## АК ТАҢ

Нур чалса башын асканын,
Нурдана түшөт асманым.
Уйкудан баары ойгонуп,
Ушинтип атат ак таңым.

Тирүүлүк аалам аралап,
Мээрими күндүн таралат.
Жылуулук тегиз чачылып,
Жергемде жаркып таң атат.

Жарыкка дүйнө шанданып,
Табийгат дагы жанданып.
Жаңы күн дагы башталат,
Калган бир кезде таң жарып.

## Beyaz sabah

Güneş dağaların tepesini yayıyorsa
Gökyüzü yine parlıyor
Uykudan herkes uyanırken şu an
Böylece başlanıyor her sabah

Yaşayan evrenden geçiyor
Güneşin merhameti
Işığı düz kaydırıp
Evrene yanıp sönüyor

Dünya ışıktan memnun
Doğada yeniden canlanıyor
Sabahın geri kalanı
Yine bir gün başlıyor

*Tercim eden: Salkınay Niymatilla kızı*





## ОРОЗ ЭЖЕМЕ

Ардактуунун акылдуусу десемби,
Эжекемден эне жытын сеземби.
Бүт өмүрүн бизге гана арнаган,
Сыйлап өтөм алтын Ороз эжемди.

Асыл жансың, мээримдүүсүң эжекем,
Акыл айткан баарыбызга берекем.
Баарыбызды баштап туура жолдорго,
Эмгегиңиз мактарга да тең экен.

Сизди сыйлап, сизди дайым пир тутам,
Чын дилимден сизге бүгүн ыр сунам.
Ыр белегим кабыл алып коюңуз,
Даяр болом, сиңдиңизден ыр сураң.

## НЕБЕРЕЛЕР

Эркелешип чоңойсун,
Жетелешип, бир ойноп.
Айсырга кыз, Жумакан,
Кансулууну тең колдоп.

Жыттап тойбой жытына,
Күлкүсүнө арбалам.
Амира ай, жакшынам,
Көрбөй калсам сагынам.

Садагасы, таенең,
Миң айланып жалынат.
Ибрагим, Амантай,
Билал мага талпынат.

Коргондогу неберем,
Айдана кыз, Албина.
Узун өмүр тилеймин,
Умар жана баарына.





## БАХОР ВА ВАХТ

*Которгон: Гүлнара Холматова*

Гузалникни тухфа этган бахорнинг,
Март, апрелу, майи кувонч беради.
Чор отрафга гилам тушаб охори,
Жилваланган куклам кулоч керади.

Барра майса, янги олам айланам,
Бир йил утган вакт чулговни урайди.
Шунда менда утинч хисси тугилар:
“Каритмагин мени!” деб дил сурайди.

Негадир бу курк менга хеч монандмас,
Кексаликка буйсундириб кочгандай.
Ёшлик изин топмам чунки мен ундан,
Камчи солиб олга карай шошгандай.

## ЯЙЛОВ КАНДАЙ АЖОЙИБ

Уясига куёш ботди,
Буткул олам уйкуда.
Ёлгиз  укки чакчайганча,
Утирибди бекуда.

Кукда булса ой охиста,
Оккуш каби жиларди.
Юлдузларнинг жимирлаши,
Узига ром киларди.

Кези келиб тонг окарди,
Эшик, туник тинч туриб.
Мол-хол тугал уйгоништиi,
туни билан ит хуриб.

Утовга хам нур тукилиб,
Куёш юзи куринди.
Яйлов ажиб, янги кунга,
Шу алфозда “урин”ди.





## КЫЗЫМ САТКЫНАЙГА

**Курулуш орто мектебинин директору**

Секин сүйлөп туура кадам таштаган,
Ар бир ишти акыл менен баштаган.
Максат коюп ар күн сайын алдыга,
Жетүү үчүн ак эмгектен талбаган.

Тартип менен талап болсо оболу,
Андайлардын өзү келет соболу.
Улуу-кичүү сыйлап турса эжей деп,
Анан сенин урмат сыйың жогору.

Чынчылдыгың менен элге жагасың,
Жаңы усул, жаңы ыкма табасың.
Кадыр барктуу мүдүр эжей мектепте,
Үйдө болсо уул-кызга апасың.

## ЭРКЕ КЫЗЫМ САЛКЫНАЙГА

Түркүн даам бышырат,
Дасторконго чакырат.
Жыты тарап жагымдуу,
Шилекейим чубурат.

Самса, боорсок бышырган,
Үйүнө кут ырыс жааган.
Келген конок тамшанып,
Ак батасын арнаган.

## КЕЛИНИМ БҮБҮАЙДАГА

Жакшы чыкты келгенде эле келиним,
Ичим жылып көңүлүмдө жайчылык.
Жаман чыгып калбаса деп тиленип,
Ниет кылдым үмүтүмө артылып.

Ойдогудай эстүү чыкты акылман,
Менин сызган сызыгымдан чыкпаган.
Сурап жасайт кандай ишти баштаса,
Апакем деп мени дайым сыйлаган.

Кандай мактоо айтсак дагы жарашат,
Сырдашканда кеч кирет да, таң атат.
Кайын журту бир бүтүнгө айланып,
Баары менен бирдей тилин табышат.

Энем айтып калар эле насаат,
“Кайненени урматтагын, сыйлагын.
Он беш күндүк болсо деле өз энең,
Өмүр шерик болуп калат кайненең”.





## ЭРТЕ ЖАЗДА

Эрте жазда асман ачык чайыттай,
Жер жапжашыл жамынгансып баркыттай.
Сулуулугу суктандырат далайды,
Жайлоо барбы биздин кенен жайыттай.

Кайдан келди шуу-шуу этип жел аргы,
Каймак, майдын жыты мурун каңшарды.
Тээтигинде ойноп жаткан кыздардын,
Көздөн учуп курут турат сыягы.

Чагылгандын үнү угулда күлдүрөп,
Асман жерди жарып өттү дүңгүрөп.
Аска жакта ким урушуп жатат деп,
Жумаканым баарыбызды күлдүрөт.

## КЕЛИНДЕРИМЕ

Кыя басып, бир-биринен өтө албай,
Жакшыны да, кайгыны да жашырбай.
Улууларын дайым сыйлап угушкан,
Айнагүл, Зуурадай, Перизаттай.

Келиндерим, урмат сыйды баалагын,
Кыйналганда бир-бириңди сыйлагын.
Канча өмүр берген болсо жараткан,
Элибиздин наркын бийик кармаган.

## БИР ЖҮРӨЛҮ ЖОЛДОШУМ

Дайым мага жөлөк болуп колдогун,
Жашоодогу болдуң өзүң коргонум.
Арабыздан ыдырабай ынтымак,
Түбөлүккө бир бололу жолдошум.

Ар бир күндү тосолучу майрамдай,
Жакшы күндү белек кылып алгандай.
Дал ушундай өткөрөлү өмүрдү,
Ажырагыз кылым тоскон жандардай.

Ойлогондо бирдей чыгып ойлорум,
Тегиз болчу бирге баскан жолдорум.
Жаратканым берип бизге өмүрдү,
Кылым жашап калсак кана жолдошум.

Сүйөрүм да, күйөрүм да кароочум,
Канча жашты белек кылган колдоочум.
Жаратканга шүгүрчүлук келтирем,
Бакыт жолун бир тосолу жолдошум.





## ЫРЛАРЫҢ БАЛА ЖЫТТАНАТ

*Автору: Мария Халпаева*

**(Марипатка каалоо)**

Бала деп атат таңдарың,
Балага өмүр арнадың.
Бакыттын өзү туюлат,
Бала деп жашап жатканың.

Акында болот кош канат,
Артынан өчпөс из калат.
Ыр менен жашап жүрөгүң,
Ырларың бала жыттанат.

Акыйкат жолун таба бер,
Үй-бүлөң менен аман бол.
Ажайып балдар дүйнөсү,
Аларды жазып канат кер.

Раззаков сенин айылың,
Жаза бер анын тарыхын.
Улуулук турса каныңда,
Уят го артта калышың.

## ЫР БЕЛЕГИМ

*Автору: Канышай Азиреткуловна*

Лениндик кыз Марипат,
Тилинде ыр жаңырат.
Бермет сөздү термелеп,
Акындыкка чамынат.

Кечке иштеп мектепте,
Тынбайт үйгө келгенде.
Сабагын да унутпай,
План жазат дептерге.

Бошой калса капыстан,
Асыл ойго жабышкан.
Ыр базарын аралап,
Эргүү менен табышкан.

Көкөлөй бер алдыга,
Эмгек калтыр калкыңа!
Рахмат айтсын балдарың,
Сенин жетип баркыңа.

Курбанаалы агаңдын,
Жолун жолдоп өсө бер,
Сыноолордо кайышпай,
Жеңиш менен өтө бер!





## СЫЙКЫРДУУ ААЛАМ ЭЭСИ

Мыкты мугалим, акын Марипат
Турабаевага арналат.

*Автор: Гүлнара Холматовадан*

Марипат бала жандуу, бала мүнөз,
Балага боорун ачып кулач керет.
Кесиби дагы анын ошол чөйрө,
Башталгыч класстарга сабак берет.

Анан да, көркөм сөздү аздектейт ал,
Ыр жазат, кудум сөздөн мончок тизип.
Ырда да балдар анын каарманы,
Байланган бул ааламдан сыйкыр сезип.

Үйүндө сүйүктүү жар, балдарына,
Мээримин төгөт күндөй нуру балкып.
Сыйкырдуу аалам ээси аман болсун,
Ыр жазсын Ысык-Көлдөй толкуп-чалкып.

## МАРИПАТ АЙЫМГА

*Автору: Алибаева Соно*

“Ийне менен илим казып кудуктан”
Билим берип келесиң жаш муунга.
Иш дегенде изиң калып артыңда,
Илимпоздор өсүп чыксын туурундан.

Өзүң болсо бир жөнөкөй эжейсиң,
Кары-жашты ардактайсың урматтап.
Жакшы жагың көп адамдар айтышат,
Мактоо сөздөн чекең жылып тердейсиң.

Үйдө дагы сарамжалдуу келинсиң,
Кайын журттун алкоосуна ээ болгон.
Балдарыңа мээрим төккөн апасың,
Жарысың сен, өзүң сүйгөн бегиңдин.

Каалап кетем, жакшылыгын дүйнөнүн,
Туткасы бол, өзүң курган бүлөнүн.
Апасысың ширин-ширин балдардын,
Ардактаган жары болуп күйөөңдүн.





## АКЫН АЙЫМГА

*Автору: Азаматова Уулкан*

Балдарга арнап ар демин,
Мокотпой шилтеп калемин.
Чеп салды ырдан урагыс,
Өзүнчө дүйнө анткеним.

Шурудай тизип балдарга,
Жакшы ыр жазды ар жанга.
Өмүрдүн баркын сездирип,
Өз жолун ырдан салган да.

Ата-эне, мекен, махабат,
Кубаныч, майрам, салтанат.
Жазганың ушул жөнүндө,
Окуйбуз улам кайталап.

Марипат эже бар болуң,
Жүз деген жашка сиз толуң.
Жаратып мыкты ырларды,
Жыл өткөн сайын жаш болуң.

## МАРИПАТ СУЛУУГА

*Автору: Таирова Каныгүл*

Кара тору сулуу келсе карашып,
Аппак жоолук салса калат жарашып.
Алыстабай чыгармачыл жолуңда,
Акындарга жүргүн дайым жанашып.

Жөпжөнөкөй ак көңүлсүң билемин,
Сага арнап сөз түрмөгүн тиземин.
Эмне максат койгон болсоң алдыңа,
Орундалсын ойлогон ой тилегиң.

Жан дүйнөңө асылдыкты сиңирип,
Ырың турсун кооз көйнөк кийинип.
Бийиктей бер ийгиликтер жаратып,
Окурманың турсун сага ийилип.

Каалоо айтып, төрт сап ырды курадым,
Ыр дүйнөгө толуп турсун турагың.
Поэма, ыр, чоң дастанды жараткан,
Калем сабың болсун сенин куралың.





## ТАЛПЫНА БЕР БИЙИККЕ

*Автору: Разия Алимовна*

Ээси болуп түйшүгү көп кесиптин,
Көп жыл бою адал иштеп келипсиң.
Окуучуңа өз балаңдай кам көрүп,
Талыкпастан тарбияны берипсиң.

Калем сабың түшпөй дайым колуңда,
Орток болсун узак жылдар жолуңда.
Эмгектенип, издене бер талыкпай,
Түшпөй жүрсүн ыр куржунуң жонуңда.

Өркүндөсүн өнөр жолуң алдыга,
Аракеттен бийиктикке талпына.
Көөдөндөгү ыр саптарды тизмектеп,
Көрүнө бер жылдыз сымал жалпыга!

## МАРИПАТ ЭЖЕГЕ

*Автору: Султанова Максуда Абдиллажановна*

Мүнөзүңдө жакшы адамдык сапат бар,
Ишиңде эжей, үйүңдө эне, асыл жар.
Чаалыкпастан алга карай умтулган,
Өзгөлөргө өрнөк болчу жагы бар.
Колдоруңда койкоңдогон күмүштөн,
Ырлар жазган калем сабы дагы бар.

Сөздөр жазып, ырлар менен куруп чеп,
"Туулган жериң, өскөн айылым ыйык! - деп.
Китеп жазып, ак баракты толтуруп,
Элге сунат, келечекке керек деп.
Ийгиликтер коштоп дагы эжеке,
Кыргыз туусун көтөрүңүз бийиктеп.





## МУГАЛИМ ЭЖЕЙ МАРИПАТ

*Автору: Азада Жалилова*

Билим берген эже менен агайлар,
Колуңардан билим алган далайлар.
Жеткинчектер билим алып бүткөнчө,
Мээрим берген, болуп калат балаңар.

"Мугалим мөмөлүү бир дарак" - дейт,
Бышкан сайын сабактары ийилет.
Билим алып уясынан учушса,
Энесиндей сүйүнөт да, кейишет.

Ак эмгектин дайым көргүн үзүрүн,
Куту болгун мектеп менен үйүңдүн.
Сыйлап турса Мекен менен Ата Журт,
Кучак толо сыйлык алып сүйүнгүн.

Жеткинчектер терең билим алышып,
Келечекте болсун кесип ээлери.
Жарым кылым өтсө дагы эстешип,
Сыймык оту эч өчпөсүн сендеги.

Чыгарманын чылбырыны бошотпой,
Ырларыңды жаза бергин ойлонбой.
Сөз данегин чагуу деген кыйын иш,
Пегас менен бирге учкун коштошпой

## "ТОГУЗ-БУЛАК" МЕКТЕБИНИН ЖАЛПЫ МУГАЛИМДЕРИНЕ БИР ШИҢГИЛ ЫР БЕЛЕК

### КУБАНЫЧ АГАЙГА

Эли үчүн ой кыялы бөлүнүп,
Жаштарына үлгү болуп көрүнүп.
Билим деген мартабалуу улуулук,
Агай үчүн мөл булактай төгүлүп.
Эли-журттун урматына ээ болуп,
Кадыр баркы кетпей жүрсүн сөгүлүп.

### ПАЗЫЛ АГАЙГА

Орус тилин жакшы окуткан,
Окуучусу таамай түшүнгөн.
Жаңы тилди үйрөтүү менен,
Окуучусун зирек бүтүргөн.
Эмгегинен дайым барк алган,
Пазыл агай үмүт күттүргөн.

### САПАР АГАЙГА

Орус тилин өстүрүп,
Агай берет билимин.
Окуучуга аянбай,
Берип келет илимин.





Эки тилди унутпай,
Жүрсө экен дейт тилеги.

### КАНЫБЕК АГАЙГА

Тамашакөй, жөнөкөй, ушул инсан,
Сабактарын окуучу сүйүп уккан.
Танаписке чыкпастан топтолушуп,
Ал агайдын жолуну тороп турган.
Жамаатта чогулуп отурганда,
Черди жазып, күлкүлүү маек курган.

### АКЫЛ АГАЙГА

Класста сөзү жаңырган,
Жаңыдан ыкма табылган.
Так иштеген иштери,
Мактоо менен айтылган.
Ачыла элек агайда,
Сырдуу го агай сабагың.

### АВАЗ АГАЙГА

Жаркылдап сүйлөп сабагын,
Алгансың жеңиш барагын.
Сен өткөн сабак дайыма,
Жүрөккө жетип тарасын.
Дагы да алга кете бер,
Окутуп элдин баласын.

## ТАШПОЛОТ АГАЙГА

Агай өткөн ар бир сабак,
Балдар үчүн бүтпөс санат.
Айткандары баалуу болуп,
Окуучунун, эсте калат.
Сабак десе балдар үчүн,
Көздөрүнөн оту жанат.

## ЭРАЛИ АГАЙГА

Ошол добуш калган өңдүү ыр болуп,
Ар баланын жүрөгүндө сыр болуп,
Эмгеги күч, кубат берип агайга,
Жүрсүн элден дайым урмат сый көрүп.

## МИРАЖ АГАЙГА

Эски көөкөр, соку, теше,
Жыгач кашык, таш кесе.
Тарых агай айткан дешип,
Жыйнап койдук текче-текче.
Жерде калбай бул эмгеги,
Маалым болуп, сиңсин элге.





## ТАЛАНТ АГАЙГА

Өмүр бою сүйүп ушул кесиптен,
Бала үчүн аянбады жан дилден.
Билгенини берип келет чынында,
Келечекке бакыт гүлүн себишкен.

## ЭСЕНБЕК АГАЙГА

Чет тилини үйрөтүп,
Көркөм чечен сүйлөтүп.
Кадыр баркка ээ болду,
Англис тилин гүлдөтүп.

## САДИР АГАЙГА

Математика илимдердин жакшынасы,
Жер жүзүндө чексиз экен анын баркы.
Акыл эсти ишке салып токтотпой,
Математика илимдердин падышасы.

## БАТМА ЭЖЕЙГЕ

“Гудмони” деп үйрөтүп,
Чет тилдерде сүйлөтүп.

Таң калтырар жагы бар,
Кээ бирини сүрдөтүп.

## ГУЛБАРА ЭЖЕЙГЕ

Өзгөчө берип сабакты,
Жаркылдап ачып кабакты.
Эки элдин сактап достугун,
Чет тилде ачат баракты.
Талыкпай иштеп эжебиз,
Жакшына эмгек жаратты.

## ГҮЛБАХАР ЭЖЕЙГЕ

Эне тилин сүйгүн деп,
Улут үчүн күйгүн деп.
Талыкпай иштеп эжеке,
Сабакты эске түйгүн деп.
Үйрөтүп келет балдарга,
Улуттун тилин билгин деп.

## КУРБАНГҮЛ ЭЖЕЙГЕ

Сүйкүмдүү эжей аталган,
Эмгеги менен мakталган.
Кадыр баркка ээ болуп,
Бир мектепти дуу жарган.





## АЛТЫНАЙ ЭЖЕЙГЕ

Орус тилин жеткирип,
Ырын мыкты айттырдың.
Пушкин менен Чеховду,
Кыргызыма таанытың.

## УУЛКАН ЭЖЕЙГЕ

Химия – бул, турмуш сабагы,
Окуу үчүн заман талабы.
Уулкан эжей берген бул сабак,
Мыктылыгы элге тарады.

## ЖЫЛДЫЗАЙ ЭЖЕЙГЕ

Өмүр бою сүйүп ушул кесиптен,
Талыкпасын, кадыр алсын, жеңиштен.
Уясынан билим алган балдары,
Кызмат кылып, сый алышсын элинен.

## АЙНУРА ЭЖЕЙГЕ

Усулдары жаңыча,
Жаңы ааламга киресиң.
Ар бир бала өзүнчө,
Бир аалам деп билесиң.

## ЗИЙНАТАЙ ЭЖЕЙГЕ

Областык жарышта,
Гран-прини алгансың.
Ак куу сымал макталып,
Бийиктен орун табасың.

## КАТИЧА ЭЖЕЙГЕ

Жаңы-жаңы жаңылык,
Табууга дайым даярсың.
Сен окуткан балдарың,
Билимдүү деп табылсын.

## БАКТЫГҮЛ ЭЖЕЙГЕ

Класс шаңга бөлөнүп,
Бала дилин көтөрүп.
Бул эжебиз берилип,
Сабак өтөт сүйүнүп.

## ЗАРИНА ЭЖЕЙГЕ

Эжей түзгөн тес суроолор,
Бала үчүн баалуу сабак.
Ар бир сөзү жаңырганда,
Жүрөктөрдөн орун табат.





## ЗЕЙНЕП ЭЖЕЙГЕ

Эмгекке жарамдуу күч менен,
Талыкпай билим берет терең.
Бакча түзүп сыры көп билимден,
Жакшы сөзүн айтып келет белен-белен.

## ТОЛГОНАЙ ЭЖЕЙГЕ

Талап кылып тактыкты,
“Жакшы оку” - дээр эле.
Тазалык менен тартипке,
Көңүл бурган жан эле.

## МАЗМУНУ

Эне деми – дем болсун! .......... 3
Арыштай бер алгалап! .......... 5
Алтыным энекем ай! .......... 8
Энекем .......... 9
Апамдын мээримине жылынамын .......... 10
Мугалим .......... 10
Нан жапканда энекем .......... 11
Балалык .......... 11
Тогуз-Булагым .......... 12
Атакем менин кымбатым .......... 13
Туулган жерим .......... 14
Бакыт кушу бизге конор .......... 15
Чындык үчүн .......... 16
Жаңы жыл .......... 17
Сырдашалы кел класссташ .......... 18
Жайлоо кандай керемет .......... 19
Жоокерлерге .......... 20
Эне тилим .......... 21
Сүйүүгө таазим .......... 22
Жаз жана мезгил .......... 23
Мажүрүм тал .......... 24
Аппак кар .......... 25
Аялуу сезим .......... 26
Сагыныч .......... 26



Жергемде жаз .......... 27
Булут .......... 28
Аймама .......... 29
Көпөлөк .......... 30
Шаркыратма .......... 31
Ысык-Көл .......... 32
"Поэзия ордосу" .......... 33
Булуттар .......... 34
Ыр десте .......... 35
Бакчадагы алча .......... 36
Ай жаңырганда .......... 37
Муз чолпу .......... 38
Таарынба .......... 38
Анардын даны канча? .......... 39
Айкашка .......... 40
Кыштын күнү .......... 41
Бака .......... 42
Бир өзүңө учкум келет куш болуп .......... 43
Аарылар .......... 44
Балаты .......... 45
Кайрылбай кетти .......... 46
Кайрат оту билинсе .......... 46
Турабы тоолор кубанып .......... 47
Бир тууганым .......... 48
Мен да жашап жүргөнүмө сүйүнөм .......... 49
Балама .......... 50

Сулуу жаз ........ 51
Кыз адеби ........ 52
Абысындар ........ 53
Тоолор ........ 54
Сүйүүгө чекит болду ........ 55
Кечир апа ........ 56
Энем келип айтып кетти алкышын ........ 57
Энекемдин тилеги ........ 58
Энем тиккен сайма ........ 59
Аппак кардын сыйкыры ........ 60
Айылым ........ 61
Эмгек ........ 62
Мекен үчүн сак турса ........ 62
Жаңы жыл ........ 63
Акылдуу зирек болсоң ........ 64
Бакыт деген эмне? ........ 65
Мугалим ........ 66
Эне ........ 66
Сезим кайрыктары ........ 67
Түркүн түрмөктөр ........ 68
*Курбаналы Сабыровдун элесине арналат* ........ 69
Эскерүү ........ 69
Жашоодогу ак, кара ........ 70
Акындын талантына таазим ........ 71
Ыйык көргөн акыным ........ 72
Издеп келем ........ 73





Чыңгыз Айтматовго ........ 74
Ырыспайды эскерүү ........ 75
Исхак Раззаков ........ 76
Кайнене болуп табышып ........ 77
Тирүүлүктү баалайм ........ 78
Разия эжеге ........ 79
Балдарым ........ 80
Гүлнара эжеге ........ 81
Кыздарым бар ........ 81
Ай жарык ........ 82
Жазгы жамгыр ........ 83
Күзүндө ........ 84
Мекеним ........ 85
Бактылуу балалык ........ 86
Мекен үчүн аттанып ........ 87
Эне тилим ........ 88
Туулган жер ........ 89
Оорубачы Ата Журт ........ 90
Энекеме ........ 91
Жаз жана мезгил ........ 92
Ак таң ........ 93
Ороз эжеме ........ 95
Неберелер ........ 96
Бахор ва вахт ........ 97
Яйлов кандай ажойиб ........ 98
Кызым Саткынайга ........ 99

Эрке кызым Салкынайга ........ 99
Келиним Бүбүайдага ........ 100
Эрте жазда ........ 101
Келиндериме ........ 101
Бир жүрөлү жолдошум ........ 102
Ырларың бала жыттанат ........ 103
Ыр белегим ........ 104
Сыйкырдуу аалам ээси ........ 105
Марипат айымга ........ 106
Акын айымга ........ 107
Марипат сулууга ........ 108
Талпына бер бийикке ........ 109
Марипат эжеге ........ 110
Мугалим эжей Марипат ........ 111
*"Тогуз-Булак" мектебинин жалпы мугалимдерине бир шиңгил ыр белек* ........ 112
Кубаныч агайга ........ 112
Пазыл агайга ........ 112
Сапар агайга ........ 112
Каныбек агайга ........ 113
Акыл агайга ........ 113
Аваз агайга ........ 113
Ташполот агайга ........ 114
Эрали агайга ........ 114
Мираж агайга ........ 114
Талант агайга ........ 115



Эсенбек агайга ........ 115
Садир агайга ........ 115
Батма эжейге ........ 115
Гулбара эжейге ........ 116
Гүлбахар эжейге ........ 116
Курбангүл эжейге ........ 116
Алтынай эжейге ........ 117
Уулкан эжейге ........ 117
Жылдызай эжейге ........ 117
Айнура эжейге ........ 117
Зийнатай эжейге ........ 118
Катича эжейге ........ 118
Бактыгүл эжейге ........ 118
Зарина эжейге ........ 118
Зейнеп эжейге ........ 119
Толгонай эжейге ........ 119

Эрке кызым Салкынайга ........ 99
Келиним Бүбүайдага ........ 100
Эрте жазда ........ 101
Келиндериме ........ 101
Бир жүрөлү жолдошум ........ 102
Ырларың бала жыттанат ........ 103
Ыр белегим ........ 104
Сыйкырдуу аалам ээси ........ 105
Марипат айымга ........ 106
Акын айымга ........ 107
Марипат сулууга ........ 108
Талпына бер бийикке ........ 109
Марипат эжеге ........ 110
Мугалим эжей Марипат ........ 111
*"Тогуз-Булак" мектебинин жалпы мугалимдерине бир шиңгил ыр белек* ........ 112
Кубаныч агайга ........ 112
Пазыл агайга ........ 112
Сапар агайга ........ 112
Каныбек агайга ........ 113
Акыл агайга ........ 113
Аваз агайга ........ 113
Ташполот агайга ........ 114
Эрали агайга ........ 114
Мираж агайга ........ 114
Талант агайга ........ 115





Эсенбек агайга ........ 115
Садир агайга ........ 115
Батма эжейге ........ 115
Гулбара эжейге ........ 116
Гүлбахар эжейге ........ 116
Курбангүл эжейге ........ 116
Алтынай эжейге ........ 117
Уулкан эжейге ........ 117
Жылдызай эжейге ........ 117
Айнура эжейге ........ 117
Зийнатай эжейге ........ 118
Катича эжейге ........ 118
Бактыгүл эжейге ........ 118
Зарина эжейге ........ 118
Зейнеп эжейге ........ 119
Толгонай эжейге ........ 119

Турабаева Марипат Каримовна

# ЭНЕ ДЕМИ

*Редактор: Садыкова Айсулуу Саатовна*
*Корректор: Канназарова Канышай Азиреткуловна*
Калыптоочу *Үмөткул Иманкулов*

Басууга 5.05.2024-ж. кол коюлду.
Форматы А4 (60х84 1/16). Көлөмү 8 б. т.
Нускасы 500.

«Кырсекон» БИ басылды.
Бишкек, Кең-Суу к., 78. Тел. 0555 927 290

Турабаева Марипат Каримовна

# ЭНЕ ДЕМИ

*Редактор: Садыкова Айсулуу Саатовна*
*Корректор: Канназарова Канышай Азиреткуловна*
Калыптоочу *Үмөткул Иманкулов*

Басууга 5.05.2024-ж. кол коюлду.
Форматы А4 (60x84 1/16). Көлөмү 8 б. т.
Нускасы 500.

«Кырсекон» БИ басылды.
Бишкек, Кең-Суу к., 78. Тел. 0555 927 290



## ТУРАБАЕВА МАРИПАТ КАРИМОВНА

1965-жылдын 10-январында Лейлек районуна караштуу Ленин айылында жарык дүйнөгө келген. 1982-жылы Комсомолдун 40 жылдыгы атындагы орто мектепти ийгиликтүү аяктаган. 1999-жылы Сүлүктү шаарындагы БатМУнун педагогика бөлүмүнө кирет. Мугалимдик кесипти аркалап, эмгек жолун "Тогуз-Булак" орто мектебинен баштайт. Бүгүнкү күндө үзүрлүү эмгектенип келет. Ыр дүйнөсүнө бала кезинен аралашып, ырлары газета, журналдарга басылып чыккан. "Сагыныч санаасы сонатада" деген ыр китептин автору. Үй бүлөлүү. "Поэзия Ордосу" көркөм адабий коомдук бирикмесинин мүчөсү. Ордонун 6-7- китебине ырлары кирген. Эл аралык деңгээлде уюштурулган бир нече конкурстардын жеңүүчүсү. "Алтын калем" дипломунун ээси. "Поэзия Ордосу" "Болот калем" номинациясынын дипломун алган.

## ТУРАБАЕВА МАРИПАТ КАРИМОВНА



1965-жылдын 10-январында Лейлек районуна караштуу Ленин айылында жарык дүйнөгө келген. 1982-жылы Комсомолдун 40 жылдыгы атындагы орто мектепти ийгиликтүү аяктаган. 1999-жылы Сүлүктү шаарындагы БатМУнун педагогика бөлүмүнө кирет. Мугалимдик кесипти аркалап, эмгек жолун "Тогуз-Булак" орто мектебинен баштайт. Бүгүнкү күндө үзүрлүү эмгектенип келет. Ыр дүйнөсүнө бала кезинен аралашып, ырлары газета, журналдарга басылып чыккан. "Сагыныч санаасы сонатада" деген ыр китептин автору. Үй бүлөлүү. "Поэзия Ордосу" көркөм адабий коомдук бирикмесинин мүчөсү. Ордонун 6-7- китебине ырлары кирген. Эл аралык деңгээлде уюштурулган бир нече конкурстардын жеңүүчүсү. "Алтын калем" дипломунун ээси. "Поэзия Ордосу" "Болот калем" номинациясынын дипломун алган.